**2024-жылга карата Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинде жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө**
**отчет**

2025-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылдын 26-сентябрындагы № 06-1/597 буйругуна ылайык, 2024-жылга карата Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинде жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлдү.

**Жооптуу тарап жана аудит субъектиси**

Ушул аудитке карата жооптуу тарап жана аудит субъектиси болуп Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги (мындан ары – ЭСКММ же Министрлик) эсептелет.

**Аудит субъектисинин милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин жалпы милдеттерине мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруучу орган тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле бул аудиттин предмети кирет.

**Аудит мезгилинде каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп төмөндөгүлөр эсептелген:**

*Биринчи кол коюу укугу менен:* министри: Г.М. Баатырова 2023-жылдын 7-сентябрынан 2024-жылдын 7-июнуна чейин, Ж.А. Полотова 2024-жылдын 7-июнунан 2024-жылдын 4-декабрына чейин, Р.А. Сабиров 2024-жылдын 4-декабрынан 2025-жылдын 25-августуна чейин; К.Л. Сагынбаев 2025-жылдын 25-августунан тартып бүгүнкү күнгө чейин;

*Экинчи кол коюу укугу менен:*

- бюджеттик пландаштыруу жана каржылоо башкармалыгынын начальниги - Х.С. Думанаева бүтүндөй аудит мезгилинде;
- бюджеттик пландаштыруу жана каржылоо башкармалыгынын каржылоо бөлүмүнүн башчысы - А.Ж. Ормошов бүтүндөй аудит мезгилинде.

**Аудитордун жана аудитордук топтун милдети**

Аудитордун жана аудитордук топтун милдети жүргүзүлгөн аудиттин негизинде Министрликтин бюджетинин аткарылышы мыйзамдын талаптарына (аудиттин критерийлерине) ылайык келүүсү жөнүндө өз алдынча корутундуларга келүү болуп саналат. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөйлүк пикирине, анын ичинде алдамчылыктан же катадан улам олуттуу шайкеш келбей калуу тобокелдигине баа берүүдөн көз каранды. Аудит аткарылган

аудитордук жол-жоболор шарттарга ылайыктуу жана алынган аудитордук далилдер бул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негиз болуп берүү үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Аудиттин критерийлери:**

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022 - жылдын 1-августундагы № 266 ПЖ "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгы;

*Кыргыз Республикасынын мыйзамдары:*

- "Бухгалтердик эсеп жөнүндө";
- "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө";
- "Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө" *(аудит мезгилинде юридикалык күчүндөгү)*;
- "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө";
- "Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө";
- "Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө";

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору:*

- 2007-жылдын 30-декабрындагы № 640 "Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин социалдык стационардык мекемелеринин жана реабилитациялоо борборлорунун мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүн алуучуларды багуунун мамлекеттик минималдуу социалдык стандарттарын бекитүү жөнүндө";
- 2008-жылдын 26-августундагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" *(аудит мезгилинде юридикалык күчүндөгү)*;
- 2009-жылдын 22-декабрындагы № 795 "Жеңилдиктердин ордуна ай сайынкы акчалай компенсация төлөө жөнүндө";
- 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" *(аудит мезгилинде юридикалык күчүндөгү)*;
- 2018-жылдын 23-ноябрындагы № 556 "Бирөөнүн багуусуна жана көзөмөлүнө дайыма муктаж болгон ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү баланын жана/же адамдын жеке ассистентинин кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөөнүн шарттары жөнүндө жобону бекитүү тууралуу";

*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдору:*

- 2024-жылдын 30-январындагы № 37 "Социалдык чөйрөдө тамактануу ченемдери жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу";
- 2022-жылдын 30-мартындагы № 184 "Кыргыз Республикасынын калкын социалдык камсыздоо системасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө";

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобо;

Ошондой эле ушул системаны жөнгө салган актылар жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары.

**Аудиттин предмети**

Министрликтин каражаттарын башкарууну уюштуруу, саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, эмгек жана калкты социалдык жактан коргоо чөйрөсүн өнүктүрүү, өз убагында, жарандардын жана жөлөк пул алууга укугу бар адамдардын социалдык жактан аялуу категорияларына, турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөргө жана балдарга сапаттуу мамлекеттик, социалдык кызмат көрсөтүүлөр жана төлөмдөргө, жогорку деңгээлдеги иш-аракеттерди камсыз кылуу боюнча иш-аракеттердин мыйзамдарга ылайык келишине баа берүү.

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга ылайык келүүсү**

Аудиттин эл аралык стандарттары, аудитордук топтон этикалык ченемдерди сактап, ошондой эле аудиттин предмети бардык олуттуу аспектилери боюнча мыйзамдарга жана ченемдик укуктук-актыларга туура келерине негиздүү кепилдикке ээ болуу үчүн, аудитти пландоону жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы**

Бул аудиттин жүрүшүндө Министрликтин ишине тиешелүү ченемдик-укуктук документтер, ички ченемдик документтер изилденип, бюджеттик каражаттардын жана атайын эсептин каражаттарынын пайдаланылышына баа берилди. Аудит көлөмүнүн чоңдугуна жана убакыттын тардыгына, адам ресурстарынын жетишсиздигине байланыштуу, аудит тандалма жана статистикалык эмес тандоо ыкмасы менен жүргүзүлдү.

Аудитке Министрликтин борбордук аппараты жана анын ведомстволук жана аймактык бөлүнүштөрү камтылган.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иш-чаранын жыйынтыгында төмөндөгү баяндалган айрым жагдайларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин иши олуттуулуктун көлөмү жана мүнөзү боюнча аудитке камтылган учурларында, бардык олуттуу аспектилерде мыйзамдык жана жөнгө салуучу ченемдерге шайкеш келери аныкталды.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы**

**аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктун жана сунуштаманын аткарылышы**

2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинде жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан жөнөтүлгөн:

- 5 пункттан турган жазма буйруктун (31.03.2025-жылдагы № 01-20/27) бардык пункттары аткарылган;
- 24 пункттан турган сунуштаманын (31.03.2025-жылдагы № 01-20/30) 23 пункту аткарылган, 1 пункту жарым жартылай аткарылган.

**Аудит субъектисинин кыскача мүнөздөмөсү**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 252 токтому менен бекитилген Жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги төмөнкү чөйрөдө мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча функцияларды жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы болуп саналат:

- эмгек, анын ичинен эмгекти коргоо жана калкты иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү маселелери;
- калкты социалдык коргоо, анын ичинде жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларын, турмуштук оор кырдаалга кабылган балдарды, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарды (мындан ары – ДМЧА) жана улгайган жарандарды колдоо;
- социалдык камсыздоо жана гендердик теңчилик;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо;
- миграция, анын ичинен иммигранттардын, этностук кыргыздардын жана качкындардын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын адам сатуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын алкагында адам сатуунун курмандыктары маселелери.

Министрликтин түзүмүндө 53 аймактык бөлүнүштөр, 17 социалдык стационардык мекемелер, 28 медициналык-социалдык экспертиза комиссиялары, Республикалык протездик-ортопедиялык буюмдар мекемеси жана Майыптыгы бар адамдарды реабилитациялоо борбору иштейт.

**Министрликтин ишмердүүлүгү боюнча**

Жалпысынан Министрлик боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү алган жарандардын жалпы саны 1 430,8 миңден ашык адамды (республиканын

калкынын 20%га жакыны) түзөт, анын ичинен, жөлөкпул жана компенсация түрүндө 535,9 миң адам социалдык төлөмдөрдү алышкан.

***Мамлекеттик жөлөкпулдар***. 2024-жылдын аягына мамлекеттик жөлөкпул алгандардын жалпы саны 468,4 миң адамды түздү.

***Социалдык кепилдиктерди жана компенсацияларды берүү.*** Ай сайын жарандардын 26 категориясына жеңилдиктердин ордуна акчалай компенсациялар (1000 сомдон 7000 сомго чейин) төлөнөт. 2024-жылдын 31-декабрына карата жеңилдиктердин ордуна ай сайын берилүүчү акчалай компенсацияларды алуучулардын саны 36,4 миң адамды түздү. Жеңилдиктердин ордуна акчалай компенсацияларды төлөөгө республикалык бюджеттин каражаттарынан жалпы суммасы 871,6 млн сом акча каражаты каржыланган (төмөндөө - 1,8%).

***Иштегендерди социалдык камсыздоо.*** Кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпул алуучулардын саны 28,6 миң адамды, расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпул алуучулардын саны 2,0 миң адамды түзгөн. Кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулдун орточо өлчөмү 19,7% га 2023 - жылга салыштырмалуу көбөйгөн же 20600 сомду түзгөн, расымдык жөлөкпулдун орточо өлчөмү 3400 сомду түздү. Кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулдарды каржылоонун суммасы 592,7 млн сомду, расымдык - 6,7 млн сомду түздү.

***Социалдык тейлөө.*** Министрликтин системасында 17 социалдык стационардык мекемелер (ССМ) ишмердүүлүгүн жүргүзөт, мында 2398 адам, анын ичинен 531 улгайган жарандар жана ДМЧА, психоневрологиялык диагноз менен 1867 жаш бала жана чоң киши жашайт.

***Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй бүлөлөрдү социалдык колдоо***. 2024-жылы республика боюнча турмуштук оор кырдаалда (мындан ары ТОК) турган 6150 бала табылган, анын ичинен ТОКтон 55,1 % чыгарылган. 2024-жылы 3325 баланы коргоо боюнча жеке планы (БКБЖП) иштелип чыккан. Ошондой эле, ТОК 1177 үй бүлө табылган, анын ичинен ТОКтон 47,5% чыгарылган.

***Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү колдоонун кошумча чаралары.*** Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө колдоо көрсөтүү, тажрыйбасын жана билимин жогорулатуу аркылуу аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн майда өндүрүүчүлөрүнүн дараметин көтөрүү максатында, Бириккен Улуттар Уюмунун (мындан ары-БУУ) Азык түлүк программасы менен биргеликте Министрлик 2023-2027-жылдарга "Иштин ордуна азык-түлүк" масштабдуу долбоорун ишке ашыруу үчүн иш алып барууда.

2024-жылы республикалык бюджеттин каражаттарынан 2 070,3 млн сом социалдык контракттын негизинде жакыр жана аз камсыз болгон 20,0 миң үй-бүлөлөргө социалдык жардамды ишке ашырууга бөлүнгөн. 31.12.2024-жылга карата 19,4 миң үй-бүлөгө гранттык каражат 1 939 850,0 миң сом берилген.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 1-июлундагы № 390-т тескемеси менен социалдык контракттын

негизинде социалдык жардамдын катышуучуларына пайызсыз кредит берүү (200,0 миң сомго чейин) программасы кабыл алынып бекитилген. Программанын негизинде Министрлик, “Элдик Банк” жана “Айыл Банк” ачык акционердик коомдору менен бирдикте социалдык контракттын негизинде социалдык жардам алган катышуучулардын ичинен жеке ишкерлерге жана чарбалык субъекттерге пайызсыз кредиттерди берүүнү уюштурууда, 2024-жыл ичинде 105 адамга кредит берилген.

***Майыптыгы бар адамдарга кызматтарды көрсөтүү.*** ДМЧАлардын саны 217,6 миң адамды түзөт, анын ичинде 17,3% балдар (же 1,4% тиешелүү калктын жалпы санынын), жалпы майыптыгы бар адамдардын 72% майыптыгы боюнча пенсия алышат (129,0 миң адам). Пенсиянын орточо көлөмү 7,9 миң сом, социалдык жөлөкпул 6,3 миң сом.

Коомдук турмуштун ар кандай чөйрөлөрүндө ДМЧАларды басмырлоону четтетүү жана республиканын шаарлары менен айылдарында жеткиликтүү инфраструктураны түзүү максатында 2030-жылга чейин “Жеткиликтүү өлкө” мамлекеттик программасы кабыл алынган.

***Эмгек жана эмгек мамилелери*** чөйрөсүндөгү мыйзамдардын ченемдерин өркүндөтүү максатындагы иштер улантылып 2025-жылдын 23-январында Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси кабыл алынган.

***Эмгекти коргоо.*** Кыргыз Республикасынын Эмгек жана эмгекти коргоо жөнүндө мыйзамдарынын сакталышын мамлекеттик көзөмөлдөө жана контролдоо Министрликке караштуу Эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча кызматы (эмгек инспекциясы) тарабынан жүзөгө ашырылат. 2024-жылы 1070 текшерүү жүргүзүлгөн, бул 2023-жылга салыштырмалуу (1237) 13,5% га аз жана 1553 эмгек мыйзамдарын бузуу аныкталган. Аткарууга милдеттүү болгон 535 жазма көрсөтмөлөр чыгарылган (2023-жылы - 624). Эмгек инспекторлорунун көрсөтмөлөрүн аткаруу максатында, иш берүүчүлөр кызматкерлерге 35,9 млн сом мөөнөтүндө берилбеген эмгек акысы төлөнгөн.

***Санариптештирүү.*** Калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын, даректүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, Министрлик тарабынан бүтүндөй системаны санариптештирүү боюнча ырааттуу иштер жүргүзүлүүдө. Министрликте иштеп жаткан негизги маалыматтык системалар (Социалдык жардамдын корпоративдик маалыматтык системасы (СЖКМС), эмгек рыногунун маалыматтык системасы (ЭРМС) “Түндүк” ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутуму кошулган.

***Миграциялык саясат.*** Миграция чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат 2021-2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын миграция саясатынын концепциясынын (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы № 191 токтому) жана ушул Концепциянын биринчи этабын ишке ашыруу боюнча Иш-чаралар планынын (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 13-апрелиндеги № 191-т тескемесинин) алкагында ишке ашырылууда.

**Министрликтин программалык бюджетинин аткарылышы**

Министрликтин программалык бюджети бардыгы 6 бюджеттик иш-чаралар жана 24 бюджеттик көрсөткүчтөн турат.

1 - бюджеттик программа **“Пландоо, башкаруу жана администрлөө”** программасына ылайык *2 көрсөткүч* - бардык иш-чаралары жана көрсөткүчтөр аткарылган (001.01; 001.02;). (*Борбордук деңгээлдеги башкаруу жана администрлөө, аймактык деңгээлде башкаруу жана администрлөө)',*

2 - бюджеттик программа **“Турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөргө жана балдарга колдоо керсөтүү”** программасына ылайык 8 *көрсөткүч* - бардык иш-чаралары жана көрсөткүчтөр аткарылган *(2.01; 2.02; 2.03;2.05; 2.07; 2.08).*

3 - бюджеттик программа **“Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды жана улгайган жарандарды социалдык коргоо”** программасы 7 *көрсөткүч* - 7 көрсөткүчү аткарылган *(3.01; 3.02; 3.03; 3.04; 3.05; 3.06;3.07).*

4 - бюджеттик программа **“Жарандардын айрым категорияларына акчалай компенсацияларды берүү жана социалдык кепилдиктер”** программасына ылайык *3 көрсөткүч* - бардык көрсөткүчтөр аткарылган *(4.01; 4.02; 4.03).*

5 - бюджеттик программа **“Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жана жумушсуздарды социалдык колдоо”** программасына ылайык 4 *көрсөткүч* - бардык көрсөткүчтөр аткарылган *(5.01; 5.02;5.03; 5.04).*

6-бюджеттик программа **“Үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктан жабыр тарткандарды социалдык жактан коргоо”** программасына ылайык *2 көрсөткүч:* 1-көрсөткүчү аткарылып *(6.01),* 2-көрсөткүчү “Зордук-зомбулуктан жапа чеккендерге жардам көрсөтүү үчүн мамлекеттик кризистик борборду түзүү” *(6.02)* аткарылган эмес. Зордук-зомбулуктан жапа чеккендерге жардам көрсөтүү үчүн мамлекеттик кризистик борбору түзүлгөн эмес. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан акча каражаты бөлүнгөн эмес.

**Гуманитардык жардам жүктөрү**

Кыргыз Республикасына келип түшкөн гуманитардык жардамды кабыл алуу, эсепке алуу жана бөлүштүрүү тартибинин укуктук жана уюштуруу негиздери, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 1-февралындагы № 43 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында гуманитардык жардамды кабыл алуунун жана бөлүштүрүүнүн тартиби жөнүндө” жобо менен жөнгө салынат.

Министрлик тарабынан 2024-жылга карата тамак-аш, спорттук инвентарлар, кийим-кечек жана оюнчуктар, атайын жабдуулар, медициналык жабдуулар, дары-дармек каражаттары, медициналык багыттагы буюмдар, компьютердик жабдуулар, автомобилдер, курулуш материалдары, окуу куралдары түрүндө 3 371 151,7 миң сомдук жана 7 456 588 кг салмактагы гуманитардык мүнөздөгү жүктөргө Министрлик тарабынан 346 корутунду берилген. 2023-жылга салыштырмалуу, гуманитардык жардам 31 корутундуга көбөйгөн.

**Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин бюджеттик каражаттарынын чыгымдарынын сметасынын аткарылышы**

2024-жылы Министрликти каржылоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен каржыланат жана милдетүү түрдө казыналык системасы аркылуу жүргүзүлөт.

Бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдардын сметасы: жалпысынан Министрлик боюнча 20 201 173,0 миң сом суммасында бекитилген, киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен такталган смета 21 750 380,3 миң сомду түздү. Кассалык чыгымдар 21 588 183,1 миң сомду, факты жүзүндөгү чыгымдар 21 901 890,7 миң сомду түзгөн, анын ичинен Президенттик фонд 4 136,5 миң сомду түзөт (*№1Тиркеме*).

**Кирешелер жана чыгашалар боюнча атайын эсептин каражаттарынын сметасынын аткарылышы**

2024-жылга карата Министрликтин *атайын эсептин каражаттары* боюнча сметасын аткаруу жөнүндө отчетко ылайык, жыл башындагы каражаттардын калдыгы 14 677,2 миң сом, жыл ичинде каражаттардын келип түшүүсү 34 689,8 миң сомду түзгөн, анын ичинде: чет өлкөдө ишке орношууга жардам берүү үчүн төлөм - 15 421,1 миң сом, учурдагы жардам - 19 268,7 миң сом, бюджеттин кирешесине - 177,0 миң сом, башка чегерүүлөр - 1954,1 миң сом, жалпы киреше 32 558,7 миң сом.

Каражаттардын чыгашасы 27 854,8 миң сомду түзгөн. Жылдын аягында каражаттардын калдыгы - 19 381,2 миң сом (*№2Тиркеме*).

Министрликтин 2024-жылга карата *депозиттик каражаттар* боюнча сметасынын аткарылышы жөнүндө отчетуна ылайык, жыл башындагы каражаттардын калдыгы 21 766,6 миң сомду түздү, отчетгук жыл ичинде 20 975,0 миң сом келип түшкөн, жыл ичинде кайтарылып берилген каражаттар - 16 000,7 миң сом, жыл аягында каражаттардын калдыгы - 26 740,9 миң сом.

**Мамлекеттик инвестиция**

| | |
|---|---|
| Иш-чара | Бул долбоордун алкагында иш-чаралар аз камсыз болгон үй чарбаларына, эмгек мигранттарына экономикалык кризистин таасирин колдоого жана жумшартууга, социалдык жардам программаларын жана эмгек рыногун ишке ашыруу системасынын натыйжалуулугун жана туруктуулугун бекемдөөгө багытталган. |
| Дүйнөлүк Банк каржылаган Долбоор | "Социалдык жардам программаларын жана эмгек рыногун чыңдоо" долбоору, Кредит МАР № 72030-KG |
| Аткаруучу агентство | Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги |
| Кредиттин суммасы | Отуз миллион АКШ доллары ($30,000,000) |
| Кредиттин башталган күнү | 2023-жыл |

| | |
|---|---|
| Кредиттин жабылуу күнү | 30-апрель 2027-жыл |

2024-жылга "Социалдык жардам программаларын жана эмгек рыногун чыңдоо" долбоорунун (Кредит МАР № 72030-KG) такталган бюджети 6 500,0 миң АКШ долларын же 588 250,0 миң сомду түзгөн. Иш жүзүндө 6 477,87 миң АКШ доллары же 586 247,04 миң сом суммасында каржыланган. Кассалык чыгымдар 4 548,74 миң АКШ доллары же 388 988,1 миң сом суммасында жүргүзүлгөн. 31.12.2024- жылга карата каражаттардын калдыгы бардыгы болуп 1 929,13 миң АКШ долларын же 197 258,93 миң сомду түзгөн.

31.12.2024-жылга карата калдык пайыздык эсеп-счету боюнча- 25 649.59 АКШ доллары, сом менен пайыздык эсеп - 874,03 сом калган.

2024-жыл үчүн пайыздык эсептер жана 2025-жылдын январы үчүн чегерүүлөр боюнча каражаттардын калдыгы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 18.12.2024-жылындагы №16-1/17412 катына ылайык, 2025-жылдын 9-январында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук Казынасына 2 640 183,14 сом суммасында которулган.

**Дебитордук жана кредитордук карыздар**

2024-жылдын 1-январына карата топтолгон бухгалтердик баланстын 6-тиркемесине ылайык, Министрликтин ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүнүн дебитордук карызы 80 960,5 миң сомду түзсө, жылдын аягында 72 565,8 миң сомду түзгөн, анын ичинде төмөнкү беренелер боюнча:

- башка ички дебитордук карыздар - 25 346,8 миң сом;
- төлөнгөн ички авансгар - 47 218,9 миң сом.

2024-жылдын 1-январына карата топтолгон бухгалтердик баланстын 6-тиркемесине ылайык, Министрликтин ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүнүн кредитордук карызы 84 595,6 миң сомду түзсө, жылдын аягында 83 993,0 миң сомду түзгөн, анын ичинде төмөнкү беренелер боюнча:

- башка ички кредитордук карыздар - 28 765,1 миң сом;
-эмгек акы боюнча төлөө милдеттемеси - 2 701,3 миң сом;
- төлөнүүчү эсептер - 9 246,2 миң сом;
- жөлөкпулдар боюнча милдеттемелер - 43 280,5 миң сом.

**Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин борбордук аппараты (мындан ары- Борбордук аппарат) боюнча**

*Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан мамлекеттик социалдык заказдын аткарылышына текшерүү жүргүзүлүп жаткандыгына жана 2024-жылдагы социалдык заказ боюнча материалдар прокуратура кызматкерлерине берилгендигине байланыштуу, "Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө" Кыргыз Республикасынын*

*Мыйзамын ишке ашырууга республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын пайдаланышы каралган жок.*

**Аныкталды/корутунду**

Министрликтин 2024-жылдын бюджетин түзүүдө жана аткарууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-Б буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын туура эмес колдонулгандыгы аныкталган. Тактап айтканда (фостердик) үй-бүлөлөрдү, ошондой эле оор турмуштук кырдаалга кабылган балдарга социалдык кызмат көрсөтүп, багып алуучу ата-энелерге эмгек акы берилери белгиленген. Ата-энелер мамлекет тарабынан окутулуп жана райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыктары менен убактылуу келишим түзүлүп, эмгек акы төлүнүп берилген. Берилген эмгек акы 21112100 “Контракт же убактылуу негизде жалданган кызматкерлер” беренеси (элементи) менен чыгымдалбай, 22154900 “Башка кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөгө байланыштуу башка чыгашалар” беренеси (элементи) менен жалпы 13 911,0 миң сом чыгымдалган. Анын ичинен, Токтогул райондук ЭСКМ башкармалыгында 2 049,2 миң сом, Кызыл-Кыя шаардык ЭСКМ башкармалыгында 583,2 миң сом чыгымдалган.

Ал эми кызмат көрсөтүүлөрдөн социалдык төлөмдөр жана киреше салыгы өз учурунда кармалып бюджетке чегерилген.

**Сунуштама**

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине*

Бюджетти түзүүдө жана аткарууда Бюджеттик классификацияны колдонуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5-Б буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын талаптарынын сакталышы камсыздалсын.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 ПЖ “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын 3-пунктунун 4-пунктчасынын негизинде Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын борбордук аппараттарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттарынын, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү мамлекеттик администрацияларынын аппараттарынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын кызматтык маянасына 50 пайызга чейинки өлчөмдө үстөк төлөө каралган.

Мамлекеттик кызматкерлердин ишинин натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу үчүн материалдык дем берүү жана шарттарды түзүү максатында, Борбордук аппараттын мамлекеттик жарандык кызматчыларына “Ай сайын үстөк жана квартал сайын сыйлык төлөө тартиби” иштелип 2022-жылдын 19-августундагы № 128 буйругу менен бекитилген. Бекитилген

тартипте министрдин буйругу менен министрдин орун басарларынын сунушу боюнча кызматкерлерге эмгектин татаалдыгы, сапаты, натыйжасы, профессионалдык демилгени көрсөткөндүгү жана ченемделбеген жумуш убактысы үчүн ай сайын 50 пайызга чейинки өлчөмдө үстөк акылар белгиленген жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 ПЖ Жарлыгынын 3-пунктунун 4-пунктчасында белгилегендей иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштин режими боюнча критерийлери белгиленген эмес.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 ПЖ Жарлыгынын 3-пунктунун 4-пунктчасынын талаптары сакталбастан иштин сапатын, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштин режими үчүн тастыктоочу негиз жок, Борбордук аппараттын кызматкерлерине 20-50% өлчөмүндө эмгек акыга 14 803,6 миң сом кошумча үстөк төлөнгөн жана ага чегерилген соцфондук төлөмдөр 2 553,6 миң сомду түзгөн, жалпы суммасы 17 357,2 миң сом төлөнүп рационалдуу эмес колдонулган.

**Сунуштама**

Борбордук аппараттын кызматкерлерине эмгек акыга кошумча үстөк төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 ПЖ “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын 3-пунктунун 4-пунктчасынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 24-мартындагы № 143 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлерине эмгектин татаалдыгы, сапаты, натыйжасы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемделбеген иш режими үчүн үстөктү эсептөөнүн жана төлөөнүн типтүү тартибинин” талаптары так аткарылсын.

**“Келечекке салым” мамлекеттик балдар депозитине жүргүзүлгөн аудит**

**Аныкталды/корутунду**

“Келечекке салым” топтолуучу Мамлекеттик балдар депозити жөнүндө 2024-жылдын 20-августундагы № 64 жана 2024-жылдын 27-декабрындагы № 95 Келишимдеринин негизинде Министрлик тарабынан төмөнкү төлөө тапшырмалары менен:

- 11.10.2024-жылы №121 - 120 500,0 миң сом;
- 26.11.2024-жылы №143 - 141 400,0 миң сом;
- 28.11.2024-жылы №147 - 3 500,0 миң сом;
- 30.12.2024-жылы №151 - 239 133,1 сом, жалпы 504 533,1 миң сом акча каражаты “Айыл Банк” ААКсына которулуп берилген. Анын ичинен, 124 000,0 миң сом акча каражаты 2024-жылы 18 жашка толгон жетим балдардын (248 бала) өздүк депозиттик эсеп-счетторуна “Айыл Банк” ААКсы тарабынан которулуп берилген.

Ошондой эле, 26.11.2024-жылы № 143 төлөө тапшырмасы менен которулган 141 400,0 миң сом акча каражатына түзүлгөн Келишимдердин негизинде 12% депозиттик пайыздар чегерилген акча каражатынын суммасы 1 508,3 миң сомду түзгөн (2007-жылы туулган 404 балага).

Бирок, Министрликтин 2024-жылдын 31-декабрына карата бухгалтердик балансында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун 24-пунктунун *"Бюджеттик мекемелердеги ички контролдоо системасынын негизги элементтери болуп төмөнкүлөр саналат"*: 3-пункту "*чарбалык операцияларды документтик түрдө тариздөө*"; 4-пункту "*чарбалык операцияларды эсеп регистрлеринде каттоо*" деген талаптары бузулуп, депозиттик каражаттардын кассалык операциялары бухгалтердик эсепте жана 2024-жылдын бухгалтердик балансында 504 533,1 миң сом депозиттик каражаттар жана ага чегерилген пайыздар 1 508,3 миң сом, жалпы суммасы 506 041,4 миң сом чагылдырылган эмес.

*Аудиттин жүрүшүндө жалпы 506 041,4 миң сомдук эсептик бузуулар боюнча тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, бухгалтердик эсепте жана балансга чагылдырылды.*

**Сунуштама**

"Келечекке салым" мамлекеттик балдар депозитиндеги каражаттар боюнча бухгалтердик эсепти жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарына ылайык алып барылсын.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 30-январындагы № 37 "Социалдык чөйрөдө тамактануу ченемдери жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы № 7 "Социалдык чөйрө мекемелеринде тамак-аштын акчалай нормалары жөнүндө" токтомунун 14-пунктундагы 200 деген санды 220 деп өзгөртүү киргизилген.

Бирок, аталган токтомдун талаптарынын аткарылышы тууралуу Министрлик тарабынан 2024-жылдын 21-декабрында гана № 235 буйругу менен жөнөтүлгөн, же бир жылдан кийин берилген. Натыйжада төмөндөгү мекемелер тарабынан тамак-ашка чыгымдардын акчалай нормалары сакталбастан кызмат алуучуларга ар бир күнгө 20 сомдон каражаттар аз камсыздалып келген:

- Токмоктогу № 1 психоневрологиялык ССМде 289 кызмат алуучуларга жалпысынан 1 814,9 миң сомго;

- Токмоктогу № 2 психоневрологиялык ССМде 250 кызмат алуучуларга жалпысынан 1 570,0 миң сомго;

- Бакай-Ата ССМде 70 кызмат алуучуларга жалпысынан 439,6 миң сомго;

- Покровкадагы аралаш психоневрологиялык ССМде 70 кызмат алуучуларга жалпысынан 2 285,7 миң сомго;

- Ак-Суу психоневрологиялык ССМде 248 кызмат алуучуларга жалпысынан 1 557,4 миң сомго;

- Сузактагы улгайгандар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн жалпы типтеги ССМ боюнча 22,0 миң сомго.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 30-январындагы № 37 токтомунун талаптарын аткарбаган, тамак-ашка чыгымдардын акчалай нормалары сакталбастан каражаттар аз камсыздалышына жол берген Министрликтин тиешелүү кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы № 307 “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу” токтомунун талаптары так аткарылбастан, “Үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпулдарын ашыкча чегерүүлөрү жалпы 46,8 миң сом суммасында аныкталган, анын ичинде: Ноокат райондук ЭСКМ башкармалыгы боюнча - 12,0 миң сом **(***аудиттин жүрүшүндө 2025-жылдын 20-ноябрындагы №58900016 накталай төлөмгө берилген квитанциясы менен 12,0 миң сом республикалык бюджетке кайтарылды)***;** Араван райондук ЭСКМ башкармалыгы боюнча - 3,6 миң сом **(***2025-жылдын 17-ноябрындагы №418000071 накталай төлөмгө берилген квитанциясы менен 3,6 миң сом республикалык бюджетке кайтарылды)*; Кара-Кулжа райондук ЭСКМ башкармалыгы боюнча - 14,4 миң сом (*2025-жылдын 21-ноябрындагы №396300031 жана 2025-жылдын 25-ноябрындагы №396300010 накталай төлөмгө берилген квитанциялары менен республикалык бюджетке кайтарылды)*; Ош шаардык ЭСКМ башкармалыгы боюнча - 16,8 миң сом (*аудиттин жүрүшүндө 16,8 миң сом ордуна коюлган).*

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы № 307 “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу” токтомунун талаптары

аткарылсын.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 ПЖ “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын 3-пунктунун 4-пунктчасында белгилегендей иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштин режими боюнча критерийлерин аныктабастан төмөндөгү Башкармалыктардын кызматкерлерине 10% өлчөмүндө эмгек акыга жалпы 1 398,4 миң сом кошумча үстөк төлөнгөн, жана ага чегерилген Соцфондук төлөмдөр 241,2 миң сомду түзгөн, жалпы суммасы 1 639,6 миң сом рационалдуу эмес колдонулган, анын ичинен:

- Сокулук райондук ЭСКМ башкармалыгы боюнча 539,9 миң сом, ага чегерилген Соцфондук төлөмдөр 93,1 миң сом, жалпы суммасы 633,0 миң сом;
- Панфилов райондук ЭСКМ башкармалыгы боюнча 270,6 миң сом, ага чегерилген Соцфондук төлөмдөр 46,7 миң сом, жалпы суммасы 317,3 миң сом;
- Жайыл райондук ЭСКМ башкармалыгы боюнча 587,9 миң сом, ага чегерилген Соцфондук төлөмдөр 101,4 миң сом, жалпы суммасы 689,3 миң сом.

**Сунуштама**

Сокулук, Панфилов жана Жайыл райондук ЭСКМ башкармалыктарында эмгек акыга кошумча үстөк төлөөдө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 ПЖ “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын 3-пунктунун 4-пунктчасынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 24-мартындагы № 143 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлерине эмгектин татаалдыгы, сапаты, натыйжасы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемделбеген иш режими үчүн үстөктү эсептөөнүн жана төлөөнүн типтүү тартибинин” талаптары так аткарылсын.

**Аныкталды/корутунду**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, "*Сатып алуучу уюм сатып алуулардын жол-жоболорун жүргүзүү үчүн сатып алуучу уюм сатып алуулар бөлүмүн түзөт же бул милдеттерди өзүнүн бөлүмдөрүнүн бирине жүктөйт",* деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, сатып алуулардын жол-жоболорун жүргүзүү Панфилов жана Москва райондук ЭСКМ башкармалыктарында өзүнүн бөлүмдөрүнүн бирине жүктөлгөн эмес.

**Сунуштама**

Панфилов жана Москва райондук ЭСКМ башкармалыктарында мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары так аткарылсын.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-мартындагы № 123 токтомунун тиркемесине ылайык *"Он үчүнчү эмгек акы - бул бир жылдагы иштин жыйынтыгы боюнча сый акы"*.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 155-статьясынын талаптары сакталбастан, он үчүнчү эмгек акы локалдуу ченемдик акты-буйругу жок жалпы 1333,7 миң сом суммасында төлөнгөн, анын ичинде: Москва райондук ЭСКМ башкармалыгы боюнча - 505,4 миң сом жана Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борбору боюнча - 828,3 миң сом.

**Сунуштама**

Он үчүнчү эмгек акыларды төлөөдө Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 93-беренесинин талаптары так сакталсын.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы № 489 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү" тартибинин 22-пункту сакталбастан, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда мониторинг жүргүзүлбөстөн жалпы 287,8 миң сом суммасында сатып алуулар жүргүзүлгөн, анын ичинде: Сокулуктагы ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар жана ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн реабилитация борборунда - 129,6 миң сом; Кочкор райондук ЭСКМ башкармалыгында - 31,6 миң сом**;** Жумгал райондук ЭСКМ башкармалыгында - 66,5 миң сом; Ак-Талаа райондук ЭСКМ башкармалыгында - 60,1 миң сом.

**Сунуштама:**

- Сокулуктагы ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар жана ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн реабилитация борборунда, Кочкор, Жумгал жана Ак-Талаа райондук ЭСКМ башкармалыктарында товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы № 489 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү" тартиби так аткарылсын.
- Сокулуктагы ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар жана ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн реабилитация борборунда, Кочкор, Жумгал жана Ак-Талаа райондук ЭСКМ башкармалыктарында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы № 489 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү" тартибинин

22-пункту сакталбастан, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда мониторинг жүргүзүлбөгөндүгүнө жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Беловодскийдеги балдар үчүн психоневрологиялык социалдык стационардык мекемеси боюнча**

**Аныкталды/корутунду**

2018-жылы 20-декабрында Беловодскийдеги балдар үчүн психоневрологиялык ССМ, “Жамияти Ассалам Лиль Аль Амаал Аль Инсанoccупият Вал Хайрия” Коомдук Кайрымдуулук Фонду жана “Альтстрой” ЖЧКсынын ортосунда бир кабаттуу 300,4 кв м ашкана имаратын куруу жөнүндө үч тараптуу № 23 “Социалдык маанилүү объект жөнүндө Келишими” түзүлгөн. Келишимдин жалпы суммасы 5 803,7 миң сом, аяктоо мөөнөтү 2019-жылдын 31-декабры. Бул Келишимге 2019-жылдын 31-декабрында кошумча макулдашуулардан кийин аяктоо мөөнөтүн 2020-жылдын 30-июнуна чейин, андан кийин 2020-жылдын 22-июнунда аяктоо мөөнөтүн 2021-жылдын 20-декабрына чейин узартылган. Аталган объект 2021-жылдын февраль айынан баштап бүгүнкү күнгө чейин иштеп келет. Бирок, аталган объектинин тиешелүү (бүткөрүлгөн иштердин актысы, пайдаланууга берүү актысы ж.б.) иш-кагаздары жок болгондугуна байланыштуу 2021-жылдын декабрь айынан бери бүгүнкү күнгө чейин 5 803,7 миң сом өлчөмүндөгү негизги каражаттар бухгалтердик балanска алынган эмес.

Аталган объект демөөрчү - “Жамияти Ассалам Лиль Аль Амаал Аль Инсанoccупият Вал Хайрия” Коомдук Кайрымдуулук Фонду тарабынан демөөрчүлүк жардам катары курулуп ишке берилген.

**Сунуштама**

5 803,7 миң сомдук бир кабаттуу 300,4 кв м ашкана имаратын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бухгалтердик балanска алуу камсыздалсын.

**Жайыл психоневрологиялык социалдык стационардык мекемеси боюнча**

**Аныкталды/корутунду**

2023-жылы спонсорлор тарабынан демөөрчүлүк жардам катары 300 м2 жаңы объект салынган. Аталган объект 2025-жылдын июнь айынан баштап бүгүнкү күнгө чейин иштеп келет. Бирок, аталган объектинин тиешелүү (бүткөрүлгөн иштердин актысы, пайдаланууга берүү актысы ж.б.) иш-кагаздары жок болгондугуна байланыштуу 2025-жылдын июнь айынан бери бүгүнкү күнгө чейин бухгалтердик балanска алынган эмес. Аудитке, Мекеме “Кыймылсыз мүлк бирдигинин кадастрдык планын” гана көрсөтө алышты.

**Сунуштама**

300 м2 объектисин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бухгалтердик балanска алуу камсыздалсын.

**Батыш Салиева ысымындагы Нижне-Серафимовкадагы жалпы типтеги улгайган жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын социалдык стационардык мекемеси боюнча**

**Аныкталды/корутунду**

Батыш Салиева ысымындагы Нижне-Серафимовкадагы жалпы типтеги улгайган жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын ССМдин балансында 64 батирлүү 2 жана 4 этаждуу кызматтык үйлөр бар. 2024-жылы бул кызматтык батирлерден 12,3 миң сом акча каражаты ижара акысы катары кызматкерлердин эмгек акысынан кармалган. Бирок, түшкөн акча каражаты Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 47-беренесинин “Республикалык бюджеттин кирешелери” талаптары сакталбай республикалык бюджетке которулуп берилген эмес.

**Сунуштама**

Кызматтык батирлерден ижара акысы катары кызматкерлердин эмгек акысынан кармалган 12,3 миң сом акча каражатын Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 47-беренесинин “Республикалык бюджеттин кирешелери” талаптарына ылайык республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө которуп берүү камсыздалсын.

**Аныкталды/корутунду**

Акыркы инвентаризация 2024-жылдын 1-октябрына карата Нижне-Серафимовкадагы жалпы типтеги улгайган жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын ССМдин 2024-жылдын 8-октябрындагы № 26 буйругунун негизинде негизги каражаттарды, товардык материалдык запастарды, көмөкчү-материалдык запастарды жана каржылык милдеттенмелерди инвентаризациялоо жүргүзүлгөн. Инвентаризациянын жыйынтыгында 2,9 миң сомдук товардык материалдык балуулуктар кем чыккан. Бирок, Мекеме тараптан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 31-35-пункттарынын талаптары бузулуп, бул суммага бухгалтердик проводкалар берилген эмес, ошондой эле 2024-жылдын 31-декабрына жасалган бухгалтердик балanска көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Активдерди жана финансылык милдеттенмелерди инвентаризациялоодо Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 31-35-пункттарынын талаптарынын аткарылышы камсыздалсын.

**Республикалык медициналык-социалдык экспертизалоо борбору боюнча**
**(РМСЭБ)**

РМСЭБ тарабынан бухгалтердик “1С” программасы боюнча бухгалтердик эсепти жүргүзүү 2024-жылдын 1-июлунда токтоткон, 2024-жылдын 1-июлунан тарта “Бухөкмөт” программасына өтүшкөн. Натыйжада мурдагы маалыматтар электрондук түрүндө жоголгон, ал эми кагаз түрүндөгү маалыматтар толук эмес. РМСЭБнын жооптуу кызматкерлери тарабынан мамлекеттик сатып алуулар боюнча маалыматтарды, отчеттук иш-кагаздарды аудит учурунда толук кандуу тактап бере алышкан жок. Жогоруда жазылгандар аудит жүргүзүүдө белгилүү бир кыйынчылыктарды жаратты.

Буга байланыштуу, аудит жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин 2025-жылдын 26-мартындагы № 3-л буйругуна ылайык, Республикалык медициналык-социалдык экспертизалоо борборунун 2024-жылга жана 2025-жылдын 1-кварталына карата ишмердүүлүгүн текшерүү комиссиясынын жыйынтыктары менен гана чектелди.

Комиссиянын Отчетуна ылайык төмөндөгүлөр көрсөтүлгөн.

“Эмгек акы” беренеси боюнча РМСЭБнын 2024-жылдагы финансылык-чарбалык ишмердүүлүгүндө текшерүүнүн жыйынтыгында кызматкерлердин эмгек акысын эсептөөдө жалпы суммасы 130,6 миң сомдук ашыкча төлөөлөр аныкталган, анын ичинен ордуна коюлган акча каражатынын суммасы 38,6 миң сом. Ордуна коюула элек сумма 92,0 миң сом.

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесинин талаптары бузулган. Башкача айтканда сатып алуу табыштамасынын талаптарын жана өзүнүн техникалык параметрлери боюнча стандарттуу товар болуп саналбаган сатып алуу предметин (видеобайкоо системасы жана орнотуу) эске алуу менен бул сатып алууда чектелбеген ыкманы колдонуу зарыл болгон. Жогоруда баяндалгандардын негизинде, РМСЭБ № 240911465510913 2 825,5 миң сом суммасына сынакты жүргүзүү үчүн сатып алуу ыкмасын туура эмес тандап алгандыгын белгилей кетүү керек.

Комиссиянын текшерүүсүнүн жүрүшүндө “Галакси” ЖЧКсы менен “видеобайкоо” тутумунун расмий дистрибьютору жана дүң жеткирүүчүсү “Дельта.кж” ЖЧКсынын ортосунда “видеобайкоо” тутумунун бааларына мониторинг жүргүзүлдү, анын жыйынтыгы боюнча 219,2 миң сом суммасында бааны жогорулаткандыгы аныкталган. Сатып алуунун жыйынтыгы боюнча “Галакси” ЖЧКсы менен РМСЭБ ортосунда эки контракт түзүлгөн: Контракт № 468/20 23.09.2024-жыл, суммасы 2 199,8 миң сом видеобайкоо системасын жеткирүүгө жана Контракт № 469/19- 23.09.2024-жыл, суммасы 560,0 миң сом видеобайкоо

камераларын орнотуу жана монтаждоо боюнча кызматтарды көрсөтүүгө.

**Аныкталды/корутунду**

31.12.2024-жылга карата түзүлгөн бухгалтердик баланска жана 2024-жылга чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө форма № 2 отчетуна ылайык "Эмгек акы" беренеси боюнча кассалык чыгымдары 54 178,3 миң сомду жана иш жүзүндөгү анык чыгымдары 54 626,8 миң сомду түзгөн. Ал эми, аудитке берилген 2024-жылга эсептелген эмгек акы жөнүндө документтерге ылайык "Эмгек акы" беренеси боюнча иш жүзүндөгү анык чыгымдары 54 539,8 миң сомду түзгөн. 2024-жылга чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө форма № 2 отчету менен 2024-жылга эсептелген эмгек акы жөнүндө документтердин ортосундагы айырмачылык 87,0 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Эмгек акыны эсептөө жана төлөө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/корутунду**

РМСЭБнын 2023-жылдын 3-ноябрындагы № 132 буйругуна ылайык Кара-Суу райондор аралык медициналык-социалдык эксперттик комиссиянын врач-эксперти Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 88-беренесинин 5-пунктунун негизинде кызматынан бошотулган. Бирок, Ленин райондук сотунун 2024-жылдын 8-февралындагы № 7222/23б1 чечимине ылайык, РМСЭБнын 2024-жылдын 2-февралындагы № 17-ө буйругуна ылайык К.М. Муратов Кара-Суу райондор аралык медициналык-социалдык эксперттик комиссиянын врач-эксперти кызматына кайрадан дайындалып, аргасыз жумушка чыкпаган учурдагы бардык эмгек акысы 57 127 сом өлчөмүндө РМСЭБсы тарабынан төлөнүп берилген. Бирок, РМСЭБсы тарабынан Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1009-статьясынын талаптары сакталбастан, кайтарма талаптары (регресс) коюлган эмес. Буга байланыштуу РМСЭБсы 2024-жылы 57,1 миң сом зыян тарткан.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1009-статьясынын талаптарына ылайык 57,1 миң сомдук зыян келтирген жакка регресс укугу боюнча маселе каралсын.

**Аныкталды/корутунду**

Аудитке берилген бухгалтердик балanska ылайык “Социалдык фондго чегерүүлөр” беренеси боюнча 31.12.2024-жылга карата дебитордук карыздардын жалпы суммасы 2 665,4 миң сомду түзгөн жана кредитордук карыздар жок.

Бирок, 2025-жылдын 1-январына карата Мамлекеттик салык кызматынын Биринчи Май райондук башкармалыгы менен салыштыруу актысында 2 641,2 миң сом көрсөтүлгөн. Ортодогу айырма 24,2 миң сомду түздү. Демек, мекеме тарабынан “Социалдык фондго чегерүүлөр” беренеси боюнча чегерүүлөрдү жүргүзүүдө жетишерлик иш алып барылган эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 3-декабрындагы № 729 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөө жана төлөө тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу” токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптарынын аткарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды/корутунду**

Бухгалтердик баланс боюнча РМСЭБнын 2024-жылдын 31-декабрына карата дебитордук карыздардын ичинен 2121 “Социалдык фондго чегерүүлөр” беренеси боюнча 2 654,4 миң сом түзгөн.

**Сунуштама**

Мындан ары, жылдын аягында “Социалдык фондго чегерүүлөр” беренеси боюнча дебитордук карыздардын пайда болушуна жол берилбесин.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 26-пунктунун талаптары бузулуп материалдык жоопкерчиликтүү адамдар менен толук материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишимдер түзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 26-пунктунун талаптарына ылайык материалдык

жоопкерчиликтүү адамдар менен толук материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишимдерди түзүү камсыздалсын.

**Аныкталды/корутунду**

24.12.2024-жылы “Өнөр жайлык жабдуу” ЖЧКсы менен түзүлгөн № 31 келишиминин негизинде келип түшкөн канцеляралык товарлар 190,6 миң сом суммасында негизсиз чыгышталган. Башкача айтканда, жогоруда көрсөтүлгөн товардык материалдык баалуулуктар Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 248-пунктунун *“Пайдаланууга берилген материалдарга жана тамак-аш продукттарга карата чыгымдарды таануу алардын сандык чыгымдарын ырастоочу (материалдык отчеттор же эсептен чыгаруу жөнүндө актtар) документтердин негизинде, белгиленген тартипте бекитилген чыгымдардын ченемдерине ылайык жүргүзүлөт (13-формасы, 14-формасы, 15-формасы, 29-формасы, ПЛ-17 формасы, ПЛ-18 формасы, ПЛ-19 формасы) жүргүзүлөт”* деген талаптары сакталбастан, таркатуу баракчасы жана эсептен чыгаруу жөнүндө актылары жасалбастан, “1С-Бухгалтерия” программасы аркылуу гана бухгалтердик проводка берүү менен негизсиз чыгышталган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 248-пунктунун талаптары аткарылсын. Негизсиз чыгышталган жалпы суммасы 190,6 миң сомдук товардык-материалдык баалуулуктардын эсептен чыгаруу жөнүндө актылары калыбына келтирилсин, калыбына келтирүү мүмкүн болбогон учурда жооптуу адамдардын эсебинен ордуна коюуу камсыздалсын.

**Аныкталды/корутунду**

РМСЭБнын 2024-жылдын 6-декабрындагы № 62 буйругунун негизинде негизги каражаттарды, товардык материалдык запастарды, көмөкчү-материалдык запастарды жана каржылык милдеттенмелерди инвентаризациялоо жүргүзүлгөн. Инвентаризациянын жыйынтыгында кем жана ашык чыгуулар катталган эмес. Бирок, 2024-жылдын 31-декабрына тапшырылган бухгалтердик баланстын 1-формасынын “Запастар” тиркемесине ылайык, 211-*“Инвентаризациянын жыйынтыгы боюнча түшүүлөр”* пунктунда “Башка запастар” 221,0 миң сомго жана 480-пунктунда “Арзан, тез эскирүүчү буюмдар (МБП)” 382,4 миң сомго негизсиз көбөйтүлгөн, башкача айтканда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан

бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун 32-пунктунун *Инвентаризациялоонун жүрүшүндө аныкталган ашыкча каражаттар бюджеттик мекеменин бухгалтердик эсебинде (ИНВ-26 формасы) активдер киреше катары киришелген күндөгү рыноктук нарк боюнча таанылат. Табигый азаюу нормаларынын чегинде кем чыгуу (бухгалтердик эсеп мыйзамдарга ылайык белгиленген) чыгымдар катары эсепке алынат"* талаптарын бузуу менен жалпы суммасы 603,4 миң сомго көбөйтүлгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун 32-пунктунун талаптарынын аткарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды/корутунду**

Аудит РМСЭБде бухгалтердик эсепти жүргүзүүнү уюштуруу "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун 1-19-пункттарынын талаптары сакталбагандыгы аныкталды. Бухгалтердик кызматтын ишин уюштуруу тартибин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларга ылайык, иштерди өткөрүп берүү-кабыл алууну жүргүзүү үчүн бюджеттик мекеменин жетекчисинин буйругунун негизинде иштерди өткөрүп берүү-кабыл алуу боюнча комиссия түзүлгөн эмес. Жогоруда белгиленгендей, РМСЭБда 2024-жылдын январь айынан 2025-жылдын октябрь айына чейин 7 (жети) башкы бухгалтер алмашкан. Ошону менен бирге, башкы бухгалтер ээлеген кызмат ордунан бошотулган учурда жаңы дайындалган башкы бухгалтерге иштерди мыйзамдарда белгиленген тартипте кызмат ордун кабыл алуу-өткөрүп берүү жүргүзүлгөн эмес.

Ошондой эле, жогоруда көрсөтүлгөн Жобонун 22-23-пунктарынын автоматташтырылган бухгалтердик эсепти жүргүзүү талабы бузулган, бул отчеттуулуктун толук эмес жана өз ара байланышта түзүлүлбөшүнө алып келет жана финансылык отчеттуулуктун анык эместигинин жогорку тобокелдигине алып келет.

РМСЭБдин бухгалтердик кызматында аудит мезгилинде тастыктоочу баштапкы бухгалтердик документтер эсептик регистрге түзүлгөн эмес жана мемориалдык ордерлер, Башкы китеп, ай сайын берилүүчү материалдык отчеттор түзүлгөн эмес. Ошондой эле, аудитке 2024-жылдын 31-декабрына түзүлгөн бухгалтердик баланс кантип, кайсы бухгалтердик регистрлердин негизинде түзүлгөнүн РМСЭБдин бухгалтердик кызматы көрсөтө алган жок.

31.12.2024-жылга карата калдыктар боюнча олуттуу айырмачылыктарды аныкталды: 2024-жыл үчүн берилген жылдык бухгалтердик балանска ылайык, 2024-жылдын 31-декабрына карата 2211 “Иш-сапар чыгымдары” беренеси боюнча 33171110 бухгалтердик эсеп-счету менен 621,0 миң сом суммасындагы кредитордук карыз эсептелген. Командировкалык чыгымдарды эсепке алуунун аналитикалык маалыматтары аудитке берилген жок. Командировкалык чыгымдарды эсепке алууга жооптуу бухгалтердин оозеки түшүндүрмөсү боюнча 621,0 миң сом суммасындагы кредитордук карыз, 2023-жылдан тартып келе жатат, бирок отчет берүүчү жактар боюнча аналитикалык эсеп менен ырасталбаган, башкача айтканда кимге, кайсы кызматкерлерге карыз экендигин аудит аныктай алган жок.

**Сунуштама:**

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобонун” 31-35-пункттарына ылайык, РМСЭБ бардык активдерге жана финансылык милдеттенмелерге толук инвентаризация жүргүзүүнү камсыз кылсын.

*Министрликке:*

- Республикалык медициналык-социалдык экспертизалоо борбору тарабынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптарына ылайык бухгалтердик эсепти жүргүзүү боюнча комиссиянын түзүлүшү жана бухгалтердик эсепти жогоруда көрсөтүлгөн жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлүшү көзөмөлгө алынсын.

**Республикалык протездик-ортопедиялык буюмдар мекемеси боюнча (РПОБ мекемеси)**

**Аныкталды/корутунду**

РПОБ мекемесинин 2024-жылдын 1-январына карата “Элдик Банк” ААКсындагы депозиттик (1299003230417085) алыш-бериш эсебинде 85,8 миң сом акча каражаты болгон. 2024-жыл ичинде 1 733,8 миң сом өлчөмүндө акча каражаты кириштелген жана 1 678,4 миң сом өлчөмүндө акча каражаты чыгышталган. 2024-жылдын 31-декабрына карата калдык 141,3 миң сомду түзгөн. Бирок, РПОБ мекемеси тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн акча каражаттарын Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 24-пунктунун *“Бюджеттик мекемелердеги ички контролдоо системасынын*

*негизги элементтери болуп төмөнкүлөр саналат"*: 3-пункт "*чарбалык операцияларды документтик түрдө тариздөө*"; 4-пункт "*чарбалык операцияларды эсеп регистрлеринде каттоо*" деген талаптарын бузуу менен, 2024-жылы депозиттик каражаттардын кассалык операциялары бухгалтердик эсепте жана бухгалтердик балансында жалпы **1 819,6 миң сом** суммасы чагылдырылган эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун 24-пунктунун талаптарынын аткарылышы камсыздалсын.

**Токмоктогу № 1 психоневрологиялык социалдык стационардык мекемеси боюнча**

**Аныкталды/корутунду**

Токмоктогу № 1 психоневрологиялык ССМ 2023-жылдын күз айында 6,8 гектар айдоо аянтынын 6,5 гектар жерине күздүк арпа өсүмдүгүн себишкен, жогорудагы себилген арпадан 2024-жылда алынган арпанын түшүмүнөн 9380 кг арпа базар баасында бир килограммы 18 сомдон 168,8 миң сомго, 570 түк арпа бакал базар баасында бир түк арпа бакалдын баасы 120 сомдон 68,4 миң сомго алынгандыгы тууралуу актысы түзүлгөн. Андан тышкары, инвентаризация жүргүзгөн учурда өздүк көмөкчү чарбасында 14 баш кой козу ашыкча чыккан, базар баасында 4 кочкор 20,0 миң сомдон 80,0 миң сомго, 3 ургачы козу 15,0 миң сомдон 45,0 миң сомго, 7 кой 25,0 миң сомдон 175,0 миң сомго. Токмоктогу №1 психоневрологиялык ССМинде жалпы эсеп менен 537,2 миң сом болгон айыл-чарба продукциялары бухгалтердик эсептен өтпөй кириштелбей жана чыгышталбай калган. Тактап айтканда, Токмоктогу №1 психоневрологиялык ССМинин өздүк чарбасынын мал мүлкүнүн эсеби жана айыл-чарба продукциялары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун талаптары аткарылбастан балanska көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

- Токмоктогу № 1 психоневрологиялык ССМдин эсеп менен 537,2 миң сомдук айыл-чарба продукцияларын жана мал мүлкүн Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарына ылайык кириштеп балanska алынышы камсыздалсын;

- Бухгалтердик эсепти толук камсыз кылбаган тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аламүдүн райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы боюнча**

**Аныкталды/корутунду**

Аламүдүн райондук ЭСКМ башкармалыгынын Лебединовка айылындагы Ленин проспектиси № 138 дарегиндеги көп кабаттуу үйдүн биринчи кабатында жайгашкан имараты мурдагы жана учурдагы жетекчилери тарабынан бүгүнкү күнгө чейин документтештирилген эмес, тактап айтканда мамлекеттик актысы, техникалык паспорту алынган эмес, балanска негизги каражат катары баасы 875,8 миң сомго баалангандыгы тууралуу далил документтери жок.

**Сунуштама**

Аламүдүн райондук ЭСКМ башкармалыгы тарабынан Лебединовка айылындагы Ленин проспектиси № 138 дарегиндеги көп кабаттуу үйдүн биринчи кабатында жайгашкан имаратка тиешелүү документтердин такталышы камсыздалсын.

**Талас райондор аралык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы боюнча**

**Аныкталды/корутунду**

Талас райондор аралык ЭСКМ башкармалыгы тарабынан 2024-жылдын 31-декабрына карата 2121 “Социалдык фондго чегерүүлөр” жыл башында сметага бекитилгени 2 998,5 миң сом, такталгандан кийинки сметага каралганы 2 752,0 миң сом, кассалык чыгаша 2 746,1 миң сомго чыгымдалган, анык чыгымдары 2 637,5 миң сом болгон, же жыл башында бекитилген сметага салыштырмалуу такталгандан кийинки смета 246,5 миң сомго азайтылган, эсептелген чыныгы чыгаша салыштырмалуу кассалык чыгаша 108,6 миң сомго ашыкча которулган.

**Сунуштама**

Мындан ары, жылдын аягында “Социалдык фондго чегерүүлөр” беренеси боюнча дебитордук карыздардын пайда болушуна жол берилбесин.

**Айтматов райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы боюнча**

**Аныкталды/корутунду**

Айтматов райондук ЭСКМ башкармалыгында 2024-жылдын башында бекитилген штаттык ырааттама боюнча жалпысынан 30 бирдик 12 655,5 миң сомго бекитилген, ал эми жыл башында эмгек акы боюнча сметага 10 888,5 миң сом, социалдык фондко 1 609,8 миң сом жалпысы 12 498,3 миң сомго көрсөтүлгөн, жыл башында бекитилген штаттык ырааттама менен бекитилген сметанын айрымасы 157,2 миң сомду түзгөн, же бекитилген сметага караганда штаттык ырааттама 157,2 миң сомго көп көрсөтүлгөн.

**Сунуштама**

Айтматов райондук ЭСКМ башкармалыгынын башкы эсепчиси тарабынан эмгек акы боюнча штаттык ырааттаманын такталышы камсыздалсын.

**Покровкадагы аралаш психоневрологиялык социалдык стационардык мекемеси боюнча**

**Аныкталды/корутунду**

Покровкадагы аралаш психоневрологиялык ССМдин 2025-жылдын 18-ноябрындагы буйругунун негизинде түзүлгөн комиссия тарабынан баланста турган негизги каражаттарды жана материалдык баалуулуктарды инвентаризациялоо жүргүзүлгөн учурда кампадагы тамак-аштардан 7,3 миң сомдук жетишпестик аныкталган.

*Аудит учурунда кампачы тарабынан өндүрүлүп 2025-жылдын 19-ноябрында № 111 кириштөө накладнойу менен 7,3 миң сомдук тамак-аш кампага киришелди.*

**Ысык-Ата райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы боюнча**

**Аныкталды/корутунду**

Ысык-Ата райондук ЭСКМ башкармалыгы мекемесинин имараты Ысык-Ата районунун Кант шаары Абдыраимова көчөсүнүн 62 дарегинде жайгашкан имарат 1932-жылы курулган баштапкы баланстык баасы 500,7 миң сом болгон. Имараттын эскилиги жетип өтө начар абалда.

**Сунуштама**

Министрлик тарабынан Ысык-Ата районунун Кант шаары Абдыраимова көчөсү № 62 дарегинде жайгашкан начар абалдагы имарат боюнча маселе каралсын.

**Жалал-Абаддагы балдар үчүн психоневрологиялык социалдык стационардык мекемеси боюнча**

**Аныкталды/корутунду**

Жалал-Абаддагы балдар үчүн психоневрологиялык ССМдин 2025-жылдын 9-октябрына карата балансстагы буюмдарына инвентаризация жүргүзүлүп, жыйынтыгында гуманитардык жардам катары келген *35,5 миң сомдук* буюмдар кириштелбегендиги аныкталган.

*Аудит учурунда бухгалтерияга 35,5 миң сомдук* буюмдар *кириштелди.*

**Сунуштама**

Мындан ары, гуманитардык жардам катары келген буюмдарды, өз убагында бухгалтерияга кириштөө жагы жана бухгалтердик эсепти өз убагында жүргүзүү камсыздалсын.

**Сузактагы улгайгандар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн социалдык стационардык мекемеси**

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 184 “Кыргыз Республикасынын калкын социалдык камсыздоо системасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомунун 13-тиркемесинде *иштеген жылдары үчүн үстөк акы кызматтык маянага башка үстөк акыларды жана кошумча акыларды эсепке албастан кошуп эсептелет, буга тазалоочулар, короо тазалагычтар, кароолчулар кирбейт* деп белгиленген. Ошого карабастан мекеменин буйруктары менен 2024-жылы 4 тазалоочуларга: 14,8 миң сом, 9,9 миң сом, 8,1 миң сом, 9,0 миң сом, жалпы 41,8 миң сом негизсиз кошумча төлөмдөр эмгек акыга эсептелингендиги аныкталды.

**Сунуштама**

Кызматкерлердин эмгек акысына кошумча төлөмдөр жана башка акчалай төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 184 “Кыргыз Республикасынын калкын социалдык камсыздоо системасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомунун 13-тиркемесине ылайык жүргүзүлсүн жана 41,8 миң сомдук негизсиз кошумча төлөмдөргө жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Панфилов райондук Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы боюнча**

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 74-беренесинде "*Убактылуу ордун ээлөөнүн узактыгы 3 айдан ашпашы керек. Кызматкерди вакансттык кызмат боюнча милдеттерди аткаруучу кылып дайындоого жол берилбейт*" деп көрсөтүлгөнүнө карабастан, Панфилов райондук ЭСКМ башкармалыгынын 2022-жылдын 1-августунун № 29-л буйругунун негизинде штаттык ырааттамада жок кадр кызматынын милдеттерин аткаруу Социалдык кызматтарды көрсөтүү бөлүмдүн башчысына жүктөлгөн, кызматтык маянасына 30% (айдоочунун кызмат акысынан) эмгек акыны кошуп 2024-жылы 41,2 миң сом төлөнгөн, жана ага чегерилген Соцфондук төлөмдөр 7,1 миң сомду түзгөн, жалпы суммасы 48,3 миң сом.

Ошондой эле Панфилов райондук ЭСКМ башкармалыгынын 2022-жылдын 1-августунун № 30-л буйругунун негизинде штаттык ырааттамада жок архивдик иш милдеттери, башкармалыктын катчысына жүктөлгөн. Кызматтык маянасына 30% (айдоочунун кызмат акысынан) эмгек акыны кошуп 2024-жылы 39,7 миң сом төлөнгөн, жана ага чегерилген Соцфондук төлөмдөр 6,8 миң сомду түзгөн, жалпы суммасы 46,5 миң сом.

**Сунуштама:**

- Мындан ары, штаттык ырааттамада каралбаган бирдиктерге негизсиз кошумча эмгек акы эсептөөгө жол берилбесин жана бекитилген штаттык ырааттамага ылайык иш алып барылсын. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 35-беренесинин талаптары так аткарылсын.

- 48,3 миң сомдук жана 46,5 миң сомдук негизсиз төлөөлөргө жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун 167-пунктуна ылайык:

"*Негизги каражаттарды балансттан чыгаруу төмөнкү тартипте жүргүзүлөт.*

*2) 50000 сомдон жогору - бюджеттик каражаттарды башкы тескөөчүсү уруксаты менен. Бюджеттик мекемелерде 50000 сомдон жогору негизги каражаттарды эсептен чыгарууга макулдук берүү жөнүндө чечим бюджеттик мекемелерде негизги каражаттарды эсептен чыгаруу жөнүндө актынын (ОС-4 формасы) формасында жетекчисинин жана башкы бухгалтердин колу менен бюджеттик каражаттарды башкы тескөөчү тарабынан кабыл алынат."*

Панфилов райондук ЭСКМ башкармалыгында 2024-жылы 500,9 миң **сомдук** негизги каражат (9 комплект компьютердик техникалар) баланстан чыгарылган. Негизги каражаттарды баланстан чыгаруу тартиби бузулган. Тактап айтканда негизги каражаттарды эсептен чыгаруу жөнүндө акты ОС-4 формасы түзүлбөй эсептен чыгышталган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун 167-пунктунун талаптары аткарылсын жана 500,9 миң сомдук негизги каражаттарды негизсиз эсептен чыгарууга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду**

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-пунктунда *"чектелбеген метод товарларды, жумуштарды жана кызмат корсөтүүлөрдү сатып алуу предметинин квалификациялык маалыматтары, техникалык жана сапаттык мүнөздөмөлөрү контрактты натыйжалуу аткаруу үчүн негизги критерийлер болуп саналганда, же сатып алуу предметинин спецификалык техникалык жана сапаттык мүнөздөмөлөрүн алдын ала аныктоого мүмкүн болбогон учурларында колдонулат"* деп көрсөтүлгөнүнө карабастан Панфилов райондук ЭСКМ башкармалыгында күйүүчү жана майлоочу материалдар 66,9 миң сомго жана катриджди толтуруу кызматтары жана алмаштыруучу тетиктери 40,0 миң сомго, жалпы 106,9 миң сомго чектелбеген метод аркылуу сатып алуулар жүргүзүлгөн.

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык *"Сатып алуу боюнча комиссия кеминде үч адамдан турууга тийиш, алардын бири мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө сертификатталган адис болууга тийиш"* деп көрсөтүлгөн. Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, Мамлекеттик сатып алуулар комиссиялары сертификатталган адиси жок өткөрүлгөн.

**Сунуштама**

Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, "Мамлекетгик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, мамлекеттик сатып алуулардын методдорун колдонуу бөлүгүндөгү талаптары так сакталсын.

**Жайыл райондук Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы**

**Аныкталды/корутунду**

Жайыл райондук ЭСКМ башкармалыгынын башчысынын буйругунун негизинде жамааттык келишимине ылайык кызматкерлерге бир айлык эмгек акы өлчөмүндө материалдык жардамдар жалпы 434,2 миң сом суммасында төлөнүп берилген. Бирок бюджетте бекитилген сметада бир айлык эмгек акы өлчөмүндө материалдык жардам каралган эмес.

**Сунуштама:**

- Эмгек акы беренеси боюнча бардык төлөмдөр бекитилген сметанын негизинде жүргүзүлсүн.
- Сметада каралбаган материалдык жардам төлөнүп берилгендигине жол берген тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борбору**

**Аныкталды/корутунду**

Бюджеттик каражаттардын сметасынын аткарылышы боюнча № 2 форма отчетун түзүүдө факт жүзүндөгү чыгашалар 456,9 миң сомго туура эмес чагылдырылган жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5-Б буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына дал келбестиктер аныкталды.

**Сунуштама**

Мындан ары, бюджеттик каражаттардын сметасынын аткарылышы боюнча № 2 форма отчету сапаттуу жана туура түзүлсүн. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5-Б буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын талаптары сакталсын.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарын бузуу менен аудит мезгилинде мамлекеттик кызматтык автотранспорт үчүн жол баракчалары толук толтурулбагандыгы аныкталды. Жол баракчаларда милдеттүү реквизиттер көрсөтүлгөн эмес: унаанын гараждан чыгуу жана кайтуу учурундагы спидометрдин көрсөткүчтөрү жазылган эмес; гараждан чыгуу жана кайтуу убактысы көрсөтүлгөн эмес. Транспорт каражатынын, күйүүчү майдын сарпталышы боюнча көзөмөл камсыздалган эмес.

**Сунуштама**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун талаптары так сакталсын.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы № 489 токтому менен бекитилген Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү тартибинде *"Электрондук каталогдо сатып алуучу уюм/Агент үчүн 200000 сомго чейинки суммага керектүү товарлар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр жок болгон шартта, сатып алуучу уюм/Агент берүүчүлөрдүн (экиден кем эмес) коммерциялык сунуштарын сурап алуу аркылуу сатып алат"* деп көрсөтүлгөнүнө карабастан, Борбор берүүчүлөрдүн (экиден кем эмес) коммерциялык сунуштары жок 24,0 миң сомго кызмат көрсөтүү сатып алган.

**Сунуштама**

Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы № 489 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү” тартибинин бир булактан сатып алуу методу бөлүгүндө талаптары так сакталсын.

**Майыптыгы бар адамдарды реабилитациялоо борбору**

**Аныкталды/корутунду**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 17-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пунктунда *бекитилген бюджетке же чыгымдар сметасына ылайык чыгымдар беренесинде каралган суммага карабастан, товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн электрондук каталогу аркылуу жыл ичинде чыгымдардын ар бир беренеси боюнча 200 000 сомго чейин сатып алууга мүмкүн* деп белгиленген.

2024-жылдын 14-мартындагы №1/24-1 ЖИ С.Ж. Абдыкасымов менен сатып алуу боюнча 96,8 миң сомго, жогоруда көрсөтүлгөн 3-пунктка шилтеме жасалып келишим түзүлгөн, бирок бир булактан сатып алуу методун колдонууда электрондук каталог колдонулган эмес.

**Сунуштама**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин талаптары так сакталсын.

**Аныкталды/корутунду**

2024-жылы сатып алуу жарыяланган учурда “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 50-беренесине ылайык, берүүчүдөн контрактты аткарууну кепилдик камсыздоо үчүн 5 жана 10% контракты аткарууну кепилдик камсыздоо сураган, бирок, жеңүүчүүлөр тарабынан контракты аткарууну кепилдик камсыздоо депозиттик эсепке келип түшпөстөн келишимдер түзүлгөн.

**Сунуштама**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**Нарын райондор аралык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы**

**Аныкталды/корутунду**

Башкармалыктын баланстык эсебинде 7 664,0 миң сом кредит бар. Каржы жана бухгалтердик эсеп бөлүмүнүн башчысынын айтымында, “Ишкер” микрокредиттик агенттигинин Нарын облусу боюнча берилген кредиттери башкармалыктын баланстык эсебине өткөрүлүп берилген. 2024-жылы кредит алгандар жалпы негизги карыздын эсебинен 270,0 миң сом, пайыздарыдын эсебинен 16,1 миң сом “Ишкер” МКАнын банктык эсебине төлөнгөн. Башкарамалык жогорудагы кредиттерди кайтарууга (сотко, укук коргоо органдарына кайрылуу) жасалган иштер боюнча документтерди көрсөтө алган жок.

**Сунуштама**

Кредиттик карыздарды өндүрүү боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн. Кредиттик карызды төлөөгө түшкөн 270,0 миң сом, пайыздардын эсебинен 16,1 миң сом республикалык бюджеттин кирешесине которулсун, баланстык эсептеги кредиттик карыз кыскартылсын.

**Кочкор райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы**

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы № 307 “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу” токтомунун, Мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөө үчүн документтердин тизмегиндеги көрсөтөтүлгөн талаптарды сакталбастан, 19 жарандын пенсия менен камсыз болууга укугу бар адамдарга ай сайын берилүүчү социалдык жөлөкпулдарды чегерүүдө, өздүк делосунда Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун пенсиялык камсыз кылууга укугунун жоктугу жөнүндө маалымат жок экендиги аныкталды.

Жогорудагы токтом менен бекитилген “16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) "үй-бүлөгө көмөк" - ай сайын жөлөкпул алууга жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) муктаждыгын аныктоо тартиби жөнүндө жобонун 11-пунктунун талаптары сакталбастан, бир жарандын 3 баласына жөлөкпул чегерүүдө жалпы кирешеге 3,2 га сугат айдоо жери айыл өкмөттүн маалымкаты жок, ижара келишимдин негизинде бир жылга 3,0 миң сом ижара акысы катары киреше катары кошулган. Натыйжада жөлөкпул чегерилип берилген.

**Сунуштама:**

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы № 307 "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу" токтомунун, талаптары так аткарылсын;

- 2024-жылы 19 жаранга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун маалыматы жок социалдык жөлөкпулдарды чегерүүгө, жана бир жарандын 3 баласына "16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) "үй-бүлөгө көмөк" - ай сайын жөлөкпул алууга жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) муктаждыгын аныктоо тартиби жөнүндө" жобонун 11-пунктунун талаптары сакталбастан, айыл өкмөттүн маалымкаты жок, жөлөкпул чегерүүгө жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду**

"Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесинин 7-пунктунун талаптарын бузуу менен (*жок болгон кызматчынын функциялык милдеттери бир нече кызматкерге милдеттүү түрдө жүктөлөт жана аларга кызматтык маянасынын 25 пайызынан кем эмес өлчөмдө үстөк төлөп берилет*) жетекчинин буйругунун негизинде 3 кызматкер калкты эмгек менен камсыз кылуу бөлүмүнүн жетектөчү адистин милдеттерин убактылуу аткаргандыгы үчүн эмгек акысынын 23% кошумча катары төлөнүп берилген, же Мыйзамда көрсөтүлгөндөн 2%га аз.

**Сунуштама**

Мындан ары, эмгек акыны эсептөөдө "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары так аткарылсын.

**Аныкталды/корутунду**

Башкармалыктын 12.12.2024-жылдын № 278-А буйругунун негизинде бир күндүк көмүрдүн жагылуучу нормасы башкы имаратка 58-60 кг, экинчи имаратка 23-27 кг белгиленген, же орточо эсеп менен (60+25) 85 кг суткасына. Жыл ичинде факт жүзүндө көмүрдүн жагуусу январь - 3100 кг, февраль - 3450 кг, март - 920 кг, апрель - 830 кг, октябрь - 2490 кг, ноябрь - 2620 кг, декабрь - 2750 кг түзгөн. Январь жана февраль айларында нормадан ашыкча жагылган көмүрдүн көлөмү (85*30=2550*2 ай=5100-3100-3450) 1450 кг.*3,7=5,4 миң сомду түздү.

**Сунуштама**

Мындан ары, көмүрдү колдонууда 12.12.2024-жылдагы № 278-А буйругу менен бекитилген нормалар сакталсын.

**Жумгал райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы боюнча**

**Аныкталды/корутунду**

"Үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулун чектөөдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы № 307 "Кыргыз

Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу" токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөөгө кайрылуу тартиби жана мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөө тартиби жөнүндө" жобонун 1-тиркемесинде көрсөтүлгөн "Үй-бүлөгө көмөк" - 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) ар айлык жөлөкпул чектөөдө, үй-бүлөнүн жыйынды кирешеси жөнүндө маалымкат жок экендиги аныкталды.

*Аудит учурунда Түндүк системасы аркылуу маалыматтар өздүк делолорго тиркелди.*

"Үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпул чегерүүдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы № 307 "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу" токтому менен бекитилген "16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) "үй-бүлөгө көмөк" - ай сайын жөлөкпул алууга жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) муктаждыгын аныктоо тартиби жөнүндө" жобонун талаптарын бузуу менен 7 жарандын үй-бүлө кирешесин эсептөөдө малдары жана жер тилкелери эсептелинген эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы № 307 "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу" токтому менен бекитилген жоболордун талаптары так аткарылсын.

**Ак-Талаа райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы боюнча**

**Аныкталды/корутунду**

"Үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулун чегерүүдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы № 307 "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу" токтому менен бекитилген "16 жашка чейинки балдары бар жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) "үй-бүлөгө көмөк" - ай сайын жөлөкпул алууга жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) муктаждыгын аныктоо тартиби жөнүндө" жобонун талаптарын бузуу менен, А.К. Эшимканова "Үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулун 16 жашка жете элек 5 балага алуу үчүн кайрылган, башкармалык тарабынан анын кирешесин эсептөөдө Тоголок Молдо айылынын башчысынын маалыматында 2000 чарчы метр короо-жай участогу бар экенине карабастан, үй-бүлөнүн кирешесинин эсеби катары кошулган эмес.

М.М. Үмөтова "Үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулун 16 жашка жете элек 5 балага алуу үчүн кайрылган, башкармалык тарабынан анын кирешесин эсептөөдө ЕИСН маалыматына ылайык сугат жер 0,7 га болгондугуна карабастан, кирешени эсептөөдө 0,6 га алынган, арызчынын жубайы У.

Кидиков 6 бир тууганы менен жалпы 4,2 га үлүш жерге ээ болгондугуна карабастан (420/6=0,7) же 0,77 га, анын ордуна болгону 0,33 га эсепке алынган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы № 307 "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу" токтомунун талаптары "Үй-бүлөөгө көмөк" жөлөкпулун дайындоодо так аткарылсын.

**Аныкталды/корутунду**

Башкармалыкта 2024-жылдын февралынан тартып 2024-жылдын 18-апрелине чейин кызмат аткарган Ч. Карыпбаев жумуштан бошонгондо Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 132-беренесинин 1-пунктунун талаптарын бузуу менен пайдаланбаган бардык өргүүсү үчүн акчалай компенсация төлөнүп берилген эмес. Жалпы төлөнүп берилүүчү сумма 3,0 миң сомду түздү.

**Сунуштама**

Мындан ары, эмгек акы эсептөөдө Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптары так аткарылсын. Ч. Карыпбаевге Башкармалык тарабынан эсептелүүгө тийиш 3,0 миң сом төлөнүп берилсин.

**Социалдык камсыз кылуу департаменти жана Бишкек шаарынын Ленин, Биринчи май, Свердлов, Октябрь административдик райондору боюнча социалдык өнүктүрүү башкармалыктары боюнча**

**Аныкталды/корутунду**

*Октябрь административдик району боюнча социалдык өнүктүрүү башкармалыгында* 2024-жылга эмгек акыны эсептөө боюнча маалыматка ылайык, эмгек акыга 37 183,0 миң сом накталай чегерилген, кызматкерлердин чегерилген эмгек акысынан эсептелүүчү киреше салыгы 2 924,6 миң сомду түзүп, кармалган. Ошону менен бирге, Бишкек шаарынын Октябрь району боюнча салык кызматына берилген STI-161 формадагы отчетко ылайык эсептелген киреше салыгынын жалпы 2 729,0 миң сом суммасы көрсөтүлгөн, башкача айтканда STI-161 формасындагы отчетту тапшырууда Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 200-беренесин бузуу менен, киреше салыгы боюнча отчет 195,6 миң сомго кем тапшырылып, киреше салыгы толугу менен бюджетке чегерилген эмес.

**Сунуштама:**

- Мындан ары, салык төлөмдөрүн аткарууда Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин талаптары сакталсын. Киреше салыгы боюнча отчет 195,6 миң сомго кем тапшырылгандыгына байланыштуу жергиликтүү салык органдарына түзөтүү отчету берилип, 195,6 миң сом киреше салык катары бюджетке которулсун.

- Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 200-беренесин бузуу менен, киреше салыгы боюнча отчет 195,6 миң сомго кем тапшырылып,

киреше салыгы толугу менен бюджетке чегерилбешине жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын жергиликтүү башкармалыктарындагы өздүк эсеп карточкаларына ылайык, 2024-жылдын аягына карата Башкармалыктар тарабынан салык төлөмдөрү боюнча 578,4 миң сом алдын ала төлөгөн, же дебитордук карызы болгон. Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 7-главасынын 3-параграфынын талаптарын бузуу менен, 2024-жылдын аягына карата салык төлөмдөрү боюнча 578,4 миң сомдук дебитордук карыз башкармалыктардын бухгалтердик эсеп-кысабында чагылдырган эмес, анын ичинде: *Октябрь административдик району боюнча* социалдык өнүктүрүү башкармалыгы - 274,5 миң сом; *Биринчи май административдик району боюнча* социалдык өнүктүрүү башкармалыгы - 303,9 миң сом.

**Сунуштама:**

*Октябрь жана Биринчи май административдик райондору боюнча социалдык өнүктүрүү башкармалыктарына:*

- Мындан ары, дебитордук карыздарды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптары сакталсын.
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын жергиликтүү башкармалыктары менен өз ара эсептешүү актысын түзүп, 578,4 миң сом дебитордук карыз бухгалтердик эсепке алынсын, анын ичинен *Октябрь административдик району боюнча* социалдык өнүктүрүү башкармалыгы - 274,5 миң сом; *Биринчи май административдик району боюнча* социалдык өнүктүрүү башкармалыгы - 303,9 миң сом.

**Үй-бүлө жана балдарды колдоо маселелери боюнча аткарылган иштерге аудит**

**Аныкталды/корутунду**

Башкармалыктар тарабынан, Бишкек шаардык кеңешинин 2012-жылдын 12-июнундагы № 316 токтому менен бекитилген “Бишкек шаарынын жарды жана жана жеңилдик алууга укугу бар тургундарына даректүү социалдык жардам берүү тартиби жөнүндө” жобонун талаптарын бузуу менен, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында социалдык жардам берүү боюнча каралбаган даталуу күндөрдү негиздеп, жергиликтүү бюджеттен 3 787,3 миң сом өлчөмүндө каражаттар (бир жолку төлөм) сарпталган, анын ичинде 8-Март майрамына карата 3 551,0 миң сом

акчалай жардам түрүндө, жана 23-февраль - Ата Мекенди коргоочулар күнүнө акчалай жардам түрүндө - 236,3 миң сом:

- Октябрь административдик району боюнча социалдык өнүктүрүү башкармалыгы - 767,0 миң сом;

- Биринчи май административдик району боюнча социалдык өнүктүрүү башкармалыгы - 1 178,5 миң сом;

- Ленин административдик району боюнча социалдык өнүктүрүү башкармалыгы - 605,0 миң сом;

- Свердлов административдик району боюнча социалдык өнүктүрүү башкармалыгы - 1 236,8 миң сом.

**Сунуштама:**

*Бишкек шаарынын мэриясына*

- Бишкек шаардык Кеңешинин 2012-жылдын 12-июнундагы №316 токтому менен бекитилген “Бишкек шаарынын жарды жана жеңилдик алууга укугу бар тургундарына даректүү социалдык жардам берүү тартиби жөнүндө” жобонун талаптары аткарылсын.

- Мындан ары, Бишкек шаардык Кеңешинин 2012-жылдын 12-июнундагы №316 токтому менен бекитилген “Бишкек шаарынын жарды жана жеңилдик алууга укугу бар тургундарына даректүү социалдык жардам берүү тартиби жөнүндө” жобосунда, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында социалдык жардам берүү боюнча каралбаган даталуу күндөрдү негиздөө менен, жергиликтүү бюджеттин каражаттарын сарптоого жол берилбесин.

**Аныкталды/корутунду**

*Ленин административдик району боюнча социалдык өнүктүрүү башкармалыгында* “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, 2024-жылдын октябрь жана ноябрь айлары үчүн 113,2 миң сом суммасында жөлөкпулдар негизсиз төлөнгөн.

*Аудиттин жүрүшүндө 7,2 миң сомго негизсиз төлөнгөн жөлөкпул бюджетке кайтарылган.*

**Сунуштама:**

- Мындан ары, жөлөкпулду чегерүүдө “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары аткарылсын.

- “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузуу менен негизсиз 113,2 миң сом суммасында жөлөкпулдарды төлөөгө жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Башкармалыктардын эмгек акыларына жана штаттык ырааттамаларынын түзүлүшүнө аудит**

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-мартындагы № 123 токтому менен бекитилген “Он үчүнчү эмгек акыны

эсептөөнүн” тартибинин талаптарын бузуу менен, 2024-жылы *Октябрь административдик району боюнча социалдык өнүктүрүү башкармалыгында* жумуштан бошоп кеткен кызматкерлерге 11,9 миң сом ашыкча он үчүнчү эмгек акы катары чегерилип, төлөнгөн.

*Аудит учурунда мурунку башкы бухгалтер тарабынан ашыкча чегерилген 11,9 миң сом акча каражаты накталай төлөмгө берилген квитанция менен жергиликтүү бюджетке төгүлдү.*

**Сунуштама**

Он үчүнчү эмгек акыны чегерүүдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-мартындагы № 123 токтому менен бекитилген “Он үчүнчү эмгек акыны эсептөөнүн” Тартибинин талаптары сакталсын.

**Негизги каражаттарга, товардык-материалдык баалуулуктарга, так отчёттуулук бланктарына, ТМБ ченемден ашык калдыктарына жана алыш-бериш эсептериндеги каражаттарга аудит**

**Аныкталды/корутунду**

2024-жылы *Биринчи май административдик району боюнча социалдык өнүктүрүү башкармалыгы* тарабынан 169,6 миң сомго эмеректер сатылып алынган, бирок Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 6-главасынын 1-параграфынын талаптарын бузуу менен, баасы 169,6 миң сомдук кеңсе эмеректери бухгалтердик балanska негизги каражат катары кириштелбей, баалуулугу аз жана тез эскирүүчү предмет катары кириштелген.

**Сунуштама:**

- Мындан ары, негизги каражаттарды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптары сакталсын.
- Бухгалтердик эсеп-кысапта тийиштүү бухгалтердик оңдоп-түзөө жүгүртүүлөр аткарылып 169,6 миң сомдук кеңсе эмеректери негизги каражаттар катары тийиштүү эсептерде чагылдырылып, кириштелсин.

**Аныкталды/корутунду**

2024-жылы *Октябрь административдик району боюнча социалдык өнүктүрүү башкармалыгында* 30,0 миң сом айлык акы катары кызматкерге алдын ала төлөө жүргүзүлгөн, жана 2024-жылдын аягына чейин авансалык төлөм кызматкер тарабынан жабылбай калган. Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 7-главасынын 3-параграфынын талаптарын бузуу менен,

кызматкердин 30,0 миң сомго дебитордук карызы негизсиз эсептен чыгарылган, же жашырылган.

*Аудит учурунда дебитордук карыз бухгалтердик эсеп-кысапта чагылдырылып, накталай төлөө менен 30,0 миң сом бюджетке которулду.*

**Сунуштама:**

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарын бузуу менен, кызматкердин айлык акысы боюнча 30,0 миң сомго дебитордук карызын эсептен негизсиз чыгарууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.
- мындан ары, дебитордук карыздарды эсепке алууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун талаптары сакталсын.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы № 307 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөөгө кайрылуу тартиби жана мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөө тартиби жөнүндө" жобонун талаптарын бузууга жол берилген, жарандардын кирешелери изилденбестен жалпы 559,8 миң сомго ашыкча жөлөкпулдар төлөнгөн, 110,1 миң сому калыбына келтирилген. Анын ичинен: Балыкчы шаардык ЭСКМ башкармалыгында 7 (жети) аз камсыз болгон жаранга жалпы 24,0 миң сомго; Жети-Өгүз райондук ЭСКМ башкармалыгында 3 (үч) аз камсыз болгон жаранга жалпы 40,8 миң сомго (*Аудиттен кийин 2025-жылдын 2-декабрындагы №37370003 дүмүрчөгү аркылуу 40,8 миң сому калыбына келтирилген*); Түп райондук ЭСКМ башкармалыгында 21 (жыйырма бир) аз камсыз болгон жаранга жалпы 495,0 миң сомго, (*аудиттен кийин 2025-жылдын 2-декабрындагы №37720239 дүмүрчөгү аркылуу 69,3 миң сому калыбына келтирилген).*

**Сунуштама:**

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы № 307 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөөгө кайрылуу тартиби жана мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөө тартиби жөнүндө" жобого ылайык, жөлөкпул алуучулардын кирешелери так эсептелсин.
- Ашыкча төлөнгөн жөлөкпулдар калыбына келтирилсин, анын ичинен: Балыкчы шаардык ЭСКМ башкармалыгында 24,0 миң сом, Түп райондук ЭСКМ башкармалыгында 425,7 миң сом. Жөлөкпулдардын ашыкча төлөнүшүнө жол берген тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарын бузууга жол берилген, Башкармалыктарда 2222 "Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу" беренеси аркылуу: *Жети-Өгүз райондук ЭСКМ башкармалыгында* 11,5 миң сомго кресло, 17,5 миң сомго принтер, жалпы 29,0 миң сомго; *Тоң райондук ЭСКМ башкармалыгында* 24,0 миң сомго шатер, 13,9 миң сомго пылесос, 15,9 миң сомго унаага дөңгөлөк (МБП), 12,0 миң сомго ковролин, жалпы 65,8 миң сомго сатылып алынып, балансқа негизги каражат жана аз баалуу жана тез эскирүүчү предметтер катары кириштелген эмес. *Аудит учурунда жалпы баасы 94,8 миң сомго негизги каражаттар жана аз баалуу жана тез эскирүүчү* предметтер *балансқа кириштелди.*

**Аныкталды/корутунду**

*Тоң райондук ЭСКМ башкармалыгында* механик же адис жоктугуна байланыштуу, унаа оңдоого тиешелүү адис чакырылбастан, көптөн бери бузук турган Мазда-626 унаасынын тетиктеринин бузулганын аныкташ үчүн башкармалыктын адистеринен турган комиссия түзүлүп, 2024-жылдын 15-сентябрында дефектик актылары түзүлүп, башкармалыктын башчысы тарабынан бекитилген. Ошондой эле 11,0 миң сомго сатылып алынган унаанын тетиктерин ушул эле башкармалыктын адистеринен түзүлгөн "Унаанын ондолгону жана сатылып алынган унаанын тетиктери орнотулгандыгы" боюнча 2024-жылдын 30-октябрында акт түзүлүп, башкармалыктын башчысы тарабынан бекитилген. Ондоо иштери жасалгандан кийин эски бузулган унаанын тетиктери сакталган эмес жана темир катары сатылып, темирден түшкөн акча бюджетке кириштелген эмес.

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун 57, 106-пунктунун 3-пунктчасынын талаптары сакталбастан, аталган Мазда-626 унаасына 2024-жылдын 16-сентябрынан тартып унаанын спидометри иштебегендиктен, жол баракчасында чакырым көрсөткүчтөрү жазылбай келген. 2024-жылдын 16-сентябрынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейин 20 жол баракчасы толтурулуп, унаа 5926 чакырым жүргөн деп эсеп-кысап бөлүмүнө өткөрүлүп, баардыгы 547 литр күйүүчү май жалпы 34,7 миң сомго сарпталган. Ошондой эле, жол баракчаларында башкармалыктын башчысынын же эсеп-кысап бөлүмүнүн башкы адисинин текшерилгендиги жана бекитилгендиги боюнча колдор коюлган эмес. Аудит мезгилинде унаа кайрадан айдоого жараксыз абалда.

**Сунуштама:**

-Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 57, 106-пунктунун 3-пунктчасынын талаптары так сакталсын.

-Тиешелүү жоопту кызмат адамдары тарабынан негизсиз чыгышталган 45,7 миң сом (анын ичинен унаа тетиктерине 11,0 миң сом, күйүүчү майга 34,7 миң сом) тастыктоочу иш кагаздарын толуктоо жолу менен калыбына келтирилсин. Жол баракчаларда спидометрдин көрсөткүчтөрү так көрсөтүлсүн.

**Аныкталды/корутунду**

*Балыкчы шаардык ЭСКМ башкармалыгында* Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 143-пунктунун талаптарын бузууга жол берилген, Башкармалыктын баланстык 31225 “Баалуулугу аз жана тез эскирүүчү предметтер” (МБП) счетунда аудит учурунда 113 даана чоюн радиаторлору (650 сомдон) жалпы баасы 73,5 миң сомго, 4 даана ички эшиктер (4,1 миң сомдон) жалпы баасы 16,4 миң сомго калдыкта болгон. Аныгында бул радиаторлор мекеменин имаратынын 4 бөлмөсүнө жылуулук тутумун жасоого жумшалып, 2024-жылдын 29-сентябрындагы чыгыштоо актысы менен жалпы 162,1 миң сом чыгышталган (трубалар-88,6 миң сом). Деффекттик акты түзүлгөн. 4 даана ички эшиктер орнотулган. Бирок, аталган жалпы 178,5 миң сомдук чыгашалар капитализация болгон эмес. *Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөрдү жүргүзүү жолу менен калыбына келтирилди (капитализацияланды).*

**Аныкталды/корутунду**

*Ак-Суу райондук ЭСКМ башкармалыгында, Каракол шаардык ЭСКМ башкармалыгында* жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 32-пунктунун жана 182-183-пунктунун талаптарын бузууга жол берилген, негизги каражаттарды эсепке алуу боюнча ОС-6 формасы колдонулбагандыгы жана айрым негизги каражаттарга инвентардык номер коюлбагандыгы (ИНВ-26 формасы) аныкталды.

Ошондой эле, *Түп райондук ЭСКМ башкармалыгында* жогоруда көрсөтүлгөн жобонун 183-пунктунун талаптарын бузууга жол берилген, негизги каражаттарды эсепке алуу инвентардык карточкасы ачылган эмес.

**Сунуштама**

Ак-Суу райондук, Каракол шаардык, Түп райондук ЭСКМ башкармалыктарында негизги каражаттарды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 32, 182 жана 183-пункттарынын талаптары так сакталсын.

**Аныкталды/корутунду**

*Балыкчы шаардык ЭСКМ башкармалыгынын* баланстык 31225 “Баалуулугу аз жана тез эскирүүчү предметтер”(МБП) счетунда аудит учуруна калдыкта 4 (төрт) даана жалпы баасы 44,8 миң сомдук балдардын майыптык (инвалиддик) арабасы (баасы 11,2 миң сомдон) эсепте турат. Аныгында калдыкта 1(бир) даана араба бар, калган 3 (үч) араба арыз берген жарандарга мекеменин социалдык бөлүмүнүн жетектөөчү адиси тарабынан журналда жана СЖКМС тутумунда каттоо менен берилген. Бирок, материалдык баалуулуктардын кыймылына ички көзөмөлдүн начар уюштурулгандыгынан жана бухгалтердик эсептин так жүргүзүлбөгөндүгүнөн арабалар бухгалтердик эсепте калдыкта калган.

**Сунуштама**

Майыптык (инвалиддик) арабалардын эсебин жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптары сакталсын. Ички көзөмөлдү жана бухгалтердик эсепти так жүргүзүү максатында, майыптык арабалардын жана материалдык баалуулуктардын кыймылы боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 37-пунктунун талаптарына ылайык материалдык жооптуу адам ай сайын материалдык отчетту тапшыруу милдеттендирилсин.

**Аныкталды/корутунду**

*Ак-Суу райондук ЭСКМ башкармалыгында* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 24-июлундагы № 462 токтому менен бекитилген “Эмгек китепчелерин жүргүзүү” тартибинин 2.2-пунктунун талаптары сакталбастан, мекеменин айрым кызматкерлеринин эмгек китепчеси өз учурунда толтурулбагандыгы жана эмгек китепчесине басылуучу мекеменин мөөрү коюлбагандыгы аныкталды.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин 2025-жылдын 24-декабрындагы № 345 буйругу менен бекитилген “Эмгек китепчелерин жүргүзүү” тартибинин талаптары так сакталсын.

**Аныкталды/корутунду**

*Тоң райондук ЭСКМ башкармалыгында* Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 11-пунктунун талаптарын бузууга жол берилген, башкы бухгалтер кызмат ордунан бошотулган учурда (жумуштан кеткенде, башка кызматка которулганда же орун которуштурганда) кызматка дайындалган башкы бухгалтерге, же ал жок болгон учурда - бюджеттик мекеменин жетекчиси тарабынан дайындалган ыйгарым укуктуу кызматкерге иштерди өткөрүп берген эмес (2023-жылдын 18-июлунан тартып 2025-жылдын 18-мартына чейин иштеген).

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 11,12,13-пункттарынын талаптарына ылайык, 2025-жылдын 18-мартында жумуштан кеткен башкы бухгалтерден бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук документтерин, атайын түзүлгөн комиссиянын мүчөлөрү менен тиешелүү кызмат адамына өткөрүп берүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/корутунду**

“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде “Үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпулдарын төлөөдө, аталган Мыйзамдын 9-1-беренесинин 1-пунктунун, 14-беренесинин 2-бөлүгүнүн жана 5-1-беренесинин 1- бөлүгүнүн талаптары аткарылбастан Сузак райондук ЭСКМ башкармалыгында 4 учурда жалпы 25,2 миң сомдук, Ала-Бука райондук ЭСКМ башкармалыгында 4 учурда 40,8 миң сомдук, Чаткал райондук ЭСКМ башкармалыгында 3 учурда 49,9 миң сомдук, Лейлек райондук ЭСКМ башкармалыгында 5 учурда 144,1 миң сомдук, Сүлүктү шаардык ЭСКМ башкармалыгында 2 учурда 7,9 миң сомдук жөлөкпулдарды негизсиз төлөөлөргө жол берилген (жумушка орношкондугуна карабастан). Жалпы 267,9 миң сомдук негизсиз төлөнгөн жөлөкпулдар бюджетке кайтарылууга тийиш, *аудиттин жүрүшүндө Сузак райондук ЭСКМ башкармалыгы тарабынан 25,2 миң сом, Ала-бука ЭСКМ башкармалыгы тарабынан 40,8 миң сом, Сүлүктү шаардык ЭСКМ башкармалыгы тарабынан 7,9 миң сом бюджетке кайтарылды*, 194,0 миң сом ордуна коюлган жок.

**Сунуштама:**

-Чаткал райондук ЭСКМ башкармалыгы тарабынан 49,9 миң сомдук, Лейлек райондук ЭСКМ башкармалыгы тарабынан 144,1 миң сомдук негизсиз төлөнгөн жөлөкпулдар бюджетке кайтарылсын.

-“Үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпулдарын төлөөдө “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузуу менен Чаткал райондук

ЭСКМ башкармалыгында 49,9 миң сомдук, Лейлек райондук ЭСКМ башкармалыгында 144,1 миң сомдук негизсиз төлөмдөргө жол берген тиешелүү кызамткерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы № 307 токтому менен бекитилген "16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) "үй-бүлөгө көмөк" - ай сайын жөлөкпул алууга жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) муктаждыгын аныктоо тартиби жөнүндө" жобонун 2-пунктунун 3,4-пунктчаларынын шарттары аткарылбастан, аудит камтыган мезгил ичинде Кадамжай райондук ЭСКМ башкармалыгында 3 учурда жалпы 32,4 миң сомдук, Кызыл-Кыя шаардык ЭСКМ башкармалыгында 2 учурда 13,2 миң сомдук жөлөкпулдарды негизсиз төлөөлөргө жол берилген. *Аудиттин жүрүшүндө Кадамжай райондук ЭСКМ башкармалыгы тарабынан "Элдик банк" аркылуу жалпы 32,4 миң сом бюджетке кайтарылды.*

**Сунуштама:**

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы № 307 токтому менен бекитилген "16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) "үй-бүлөгө көмөк" - ай сайын жөлөкпул алууга жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) муктаждыгын аныктоо тартиби жөнүндө" жобонун 2-пунктунун 3,4-пунктчаларынын талаптары аткарылбастан, негизсиз чыгымдарга жол берген Кадамжай райондук жана Кызыл-Кыя шаардык ЭСКМ башкармалыктарынын кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын.

- Кызыл-Кыя шаардык ЭСКМ башкармалыгы тарбынан 13,2 миң сомдук негизсиз төлөнгөн жөлөкпулдар бюджетке кайтарылсын.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген "Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам берүү жөнүндө" жобонун 43-пунктунда *"Социалдык контракт/келишим 3 (үч) жылдык мөөнөткө түзүлөт"* деп көрсөтүлгөн жана көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде аталган жобонун 39-пунктунун негизинде Программаны ишке ашырууну контролдоо, мониторинг жүргүзүү жана натыйжалуулугун баалоо каралган. *Ала-Бука райондук ЭСКМ башкармалыгы* тарабынан А.К. Сартмырзаевага социалдык жардам катары берилген 100,0 миң сомго майда жандыктар алынып, кайра сатып жибергендиги аныкталды. Ошондой эле, А. Бактыбек кызынын үйүндө эч ким жашабагандыктан, сатып алган 100,0 миң сомдук активдерди көрүү мүмкүн болгон жок. Натыйжада, аталган жобонун 46-пунктунун негизинде долбоордун катышуучулары тарабынан каражаттарды максатсыз пайдаланган себептен башкармалык тарабынан өндүрүп алуу жөнүндө чечим кабыл алынды жана Ала-Бука райондук мамлекеттик администрациясынын алдында социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүү маселелери боюнча убактылуу

райондук комиссиясына каражаттарды кайтарып алуу боюнча сунуш берилди. *Аудит учурунда 2025-жылдын 21-ноябрында А.К. Сартмырзаева тарабынан 100,0 миң сом акча каражаты мамлекеттик бюджетке кайтарылды.*

**Сунуштама:**

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген “Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам берүү жөнүндө” жобонун 44-пунктуна ылайык, финансылык каражаттардын максаттуу пайдаланылышы боюнча Башкармалык тарабынан көзөмөл күчөтүлсүн.

- Ала-Бука райондук ЭСКМ башкармалыгы тарабынан 100,0 миң сомдук максатсыз пайдаланылган каражаттарды бюджетке кайтаруу боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы № 377 “Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы зоналарында жашаган жана иштеген адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө” токтомунун 2-тиркемесинин талаптары сакталбастан, *Кара-Көл шаардык ЭСКМ башкармалыгында* 2024-жыл ичинде эки кызматкерге алыскы зонадагы эмгек стаждары үчүн үстөк акыларды ашыкча төлөөлөргө жол берилгендиги аныкталды. Мекеменин кызматкерлеринин эмгек стаждарына ашыкча төлөмдүн жалпы суммасы 67,3 миң сомду түзөт, анын ичинен эмгек акы (2111) беренесинен 57,4 миң сом, Соц.фондко чегерүү (2121) беренесинен 9,9 мин сом. Кызматкерлерге төлөнгөн жалпы сумма-44,8 миң сомду түзөт.

*Аудит аяктагандан кийин 2025-жылдын 11-декабрындагы №1549/RCAS/1607, №1549/RCAS/1608 накталай төлөмгө берилген квитанциялары менен 44,8 миң сом бюджетке кайтарылды.*

**Сунуштама**

Кара-Көл шаардык ЭСКМ башкармалыгында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы № 377 “Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы зоналарында жашаган жана иштеген адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө” токтомунун талаптары сакталбастан 67,3 миң сомго ашыкча төлөөлөргө жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 184 токтому менен бекитилген “Калкты социалдык камсыздоо системасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” жобонун талаптары аткарылбастан, *Базар-Коргон райондук ЭСКМ башкармалыгында* 5 учурда жалпы 52,8 миң сомго ашыкча эмгек акы эсептелингендиги аныкталды.

**Сунуштама**

*Базар-Коргон райондук ЭСКМ башкармалыгында* Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 184 токтому менен бекитилген “Калкты социалдык камсыздоо системасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” жобонун талаптары сакталбастан жалпы 52,8 миң сомдук ашыкча төлөөлөргө жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду**

*Баткен райондор аралык ЭСКМ башкармалыгында*, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын 6-пунктунун талаптары сакталбастан, кызматтык сапарда жүргөн кызматкерлерге транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн 5,5 миң сом компенсация негизсиз төлөнгөндүгү аныкталды. *Аныкталган суммалар аудит учурунда тийиштүү кызматкерлерден өндүрүлүп 23.12.2025-жылдагы № 19682 банктык төлөө квитанциясы аркылуу бюджетке кайтарылды.*

**Сунуштама**

Мындан ары Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын талаптары так аткарылсын.

**Аныкталды/корутунду**

*Кадамжай райондук психоневрологиялык ССМде* товардык-материалдык баалуулуктарга (ТМБ), негизги каражаттарга жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгы менен тамак-аш азыктарынан 8,9 миң сомдук, атайын кийимдерден 10,6 миң сомдук, канцелярдык товарлардан, жуучу заттар жана тиричилик материалдардан 14,1 миң сомдук, жалпы 33,6 миң сомго ашыкча чыгуулар (излишки) аныкталып, аудиттин жүрүшүндө мекеменин өздүк эсебине кайтарылды.

**Сунуштама**

*Кадамжай райондук психоневрологиялык ССМде* Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптарын бузуу менен материалдык баалуулуктардын ашыкча чыгуусуна жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду**

*Токтогул райондук ЭСКМ башкармалыгында,* Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча”

жобонун талаптары аткарылбастан, аудит мезгилинде алынган кондиционер 2 даана 53,4 миң сом жана темир шкаф 1 даана 24,0 миң сом жалпысынан болуп 77,4 миң сомдук негизги каражаттар бухгалтердик балanска кириштелген эмес. *Аудиттин жүрүшүндө аталган негизги каражаттар мекеменин балансына кириштелди.*

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптары аткарылбастан 77,4 миң сомдук негизги каражаттар бухгалтердик балanска кириштелбегендигине жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомунда белгиленген ченемдер сакталбастан *Базар-Коргон райондук ЭСКМ башкармалыгында* жалпы 41,9 миң сомдук, *Ноокен райондук ЭСКМ башкармалыгында* жалпы 28,2 миң сомдук, *Кадамжай райондук психоневрологиялык ССМде* 8,9 миң сомдук сапар чыгымдар боюнча ашыкча төлөмдөргө жол берилген.

**Сунуштама:**

- Сапар чыгымдарын төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы № 778 “Иш сапардык чыгымдарынын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө” токтому менен белгиленген ченемдер сакталсын.
- Сапар чыгымдар боюнча ашыкча төлөмдөр Базар-Коргон райондук ЭСКМ башкармалыгы тарабынан - 41,9 миң сом, Ноокен райондук ЭСКМ башкармалыгы тарабынан - 28,2 миң сом, Кадамжай райондук психоневрологиялык ССМ тарабынан - 8,9 миң сом бюджетке кайтарылсын.
- Сапар чыгымдар боюнча ашыкча төлөөлөргө жол берген *Базар-Коргон, Ноокен райондук ЭСКМ башкармалыктарынын* жана *Кадамжай райондук психоневрологиялык ССМдин* тиешелүү кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду**

*Кадамжай райондук психоневрологиялык ССМде* жалпы 1118,6 миң сомдук материалдык баалуулуктар бюджеттик мекеменин балансына кириштелген эмес. *Аудиттин жүрүшүндө мекеменин балансына кириштелип, балanска алынды.*

**Сунуштама:**

- Товардык-материалдык баалуулуктардын эсебин жүргүзүү (ТМБ) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу

секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптарына ылайык алып барылсын.

- Жалпы 1118,6 миң сомдук материалдык баалуулуктар бюджеттик мекеменин балансына кириштелбегендигине жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду**

*Ноокен райондук ЭСКМ башкармалыгында* 2024-жылы 183,1 миң сомдук эмгек акы боюнча дебитордук карыздар жылдык баланста жана бухгалтердик эсепте көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Эмгек акы боюнча 183,1 миң сомдук дебитордук карыздарды калыбына келтирүү боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптарын бузуу менен, дебитордук карыздар жылдык баланста жана бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөгөндүгүнө жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

***Эскертүү**: Ноокен райондук ЭСКМ башкармалыгында аныкталган бузууларга карата укуктук баа берүү үчүн, 2024-жылга түзүлгөн штаттык ырааттама боюнча 11 социалдык кызматкер ашыкча кармалгандыгы,28,2 миң сомдук командировкалык чыгымдарына ашыкча төлөөлөр, эмгек акы боюнча 183,1 миң сомдук жашырылган дебитордук карыздар боюнча аудиттин материалдары Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмү тарабынан 2025-жылдын 3-декабрындагы №01-3/453 каты менен Ноокен райондук прокуратурасына жиберилген.*

**Аныкталды/корутунду**

*Лейлек райондук ЭСКМ башкармалыгы* тарабынан 2024-жылдын 2-сентябрында кеңсе буюмдарын сатып алуу үчүн 161,6 миң сомго мамлекеттик сатып алуулар өткөрүлгөн. Аталган сатып алууга аудит мезгилинде “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин 5-бөлүгүнүн 3-пунктунун талаптары аткарылбастан, жеке ишкер Э.Кенжеевдин салык төлөмдөрүнөн карызы бар экендигине карабастан “жеңүүчү” катары таанылган жана келишим түзүү укугу берилген.

**Сунуштама:**

-Лейлек райондук Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы тарабынан мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары аткарылсын.

-2024-жылдын 2-сентябрында кеңсе буюмдарын сатып алууда, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын

Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Аудит курамында башкы мамлекеттик инспектор Б.Э. Жумаев, мамлекеттик инспекторлор Ж.Т. Орозобеков, Б.У. Исаков, Ж.А. Салиев, А.А. Суранбаева, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүмдөрүнүн мамлекеттик инспекторлору тарабынан жүргүзүлдү.

Аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитору Б.А. Рыскулиевдин жетекчилиги астында жүргүзүлдү.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын 2026-жылдын 21-январындагы №09-1/50 буйругунун негизинде аудиттин материалдарын Эсептөө палатасынын Кеңешинин кароосуна чыгаруу Эсептөө палатасынын аудитору А.Т. Байгазаковго жүктөлгөн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **А.Т. Байгазаков**